
Кирг. 92
Б20

С5Д

Балдар энциклопедиясы

* КУТААЛАМ *

# ЖООКЕРЛЕР



УДК 087.5
ББК 92
Б 20

Түзүүчү Т. Джапаров

Б 20 **Жоокерлер:** Балдар энциклопедиясы/ Түз. Т. Джапаров; Котор. К. Сыдыкова; Кутаалам, 2017 – 48 б.: сүр. кырг.

ISBN 978–9967–28–353–4

Бул китеп өспүрүм окурмандарды коркуу дегенди билбеген укмуштуудай эр жүрөк адамдардын дүйнөсү менен тааныштыра. Рим легионунун күжүрмөн жана даңктуу салгулашууларды коркууну билген жоокерлери, орто кылымдын рыцарлары, жеңилбес самурайлар, баатыр спартанчылар жана башкалар жөнүндө легендалар бар. Окурман алардын кайратман жана чечкиндүүлүгүн согушууну мыкты билгендигин жана куралды мыкты колдонгондугун өзү үчүн ачат.

Б 4802060000–17

ISBN 978–9967–28–353–4

УДК 087.5
ББК 92
© «Кутаалам» ЖЧК, 2017

# МАЗМУНУ


## КИРИШҮҮ 4

## БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨНҮН ЖООКЕРЛЕРИ 5

Байыркы Египеттин жоокерлери . . 5
Месопотамиянын жоокерлери. . . . . 6
Байыркы Грециянын жоокерлери . . 7
Македондук жоокерлер . . . . . . . . . . 8
Байыркы Римдин жоокерлери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Гунндар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 11

## ОРТО КЫЛЫМДЫН ЖООКЕРЛЕРИ 13

Варварлар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Викингдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14
Скифтер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 15
Монголдор . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Енисейлик кыргыздар . . . . . . . . . . . 19
Байыркы Рустун армиясы . . . . . . . 20
Рыцарлар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21
Тамплиерлер ордени жана Госпитальиерлер ордени . . . . . . . . 23
Самурайлар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Осмон янычарлары . . . . . . . . . . . . 24

## АРМИЯНЫ ОК АТУУЧУ КУРАЛДАР АЛМАШТЫРАТ 26

Аткыч жоокерлер . . . . . . . . . . . . . . 26
Ландскнехттер. . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Ханзаада Оранский . . . . . . . . . . . . 28
Петр I . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Тактиканын даанышманы . . . . . . . 32
Наполеондун феномени . . . . . . . . . 33
Бородино салгылашуусу . . . . . . . . 35
Жапайы Батыш дүйнөсү . . . . . . . . 37
Жылма най сайлууга каршы . . . . . 39
Түстүү жоокер кийимдеринин тамам болушу . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Окоп согушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 41
Артиллерия . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 43
Танктар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Кызыл армия . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45

## ЖЫЙЫРМА ЖЫЛДЫКТАН ЖЫЙЫРМА БИР ЖЫЛДЫККА 46

## СОГУШТАН КИЙИНКИ ТЫНЧТЫК 47




# КИРИШҮҮ

Жерде алгачкы адамдар 2 миллион жылга жакын мурда пайда болгон. Алардын жашоосун жана маданиятын так билүү абдан татаал, бирок технологиясы өркүндөөдө жана байыркы кишилердин жашоосундагы көптөгөн айырмачылыктар кийинкиге жарык берүүдө.

Алгачкы доордо адамдын жашоосу өтө эле татаал жана ар кандай күтүүсүздүктөн турган. Байыркы тикесинен басып жүрүүчүлөр коркунучтуу азуулары, учтуу тырмактары жок болгондуктан башка биологиялык түркүмдөргө караганда ал жай кыймылдагандыктан алар көбүнчө жапайы айбандардын курмандыгы болушкан. Жашоо ушунчалык катаал болгондуктан адам көптөгөн мезгил боюу жоголуп кетүү коркунучунда турган.

Бактыга жараша кишилерде бир айырыкча өзгөчөлүк – акыл - эс болгон. Дайыма өзүн өзү сактоо инстинкти күчөгөндүктөн, өзүн – өзү эле коргоо эмес, өзүнүн жамаатташтарын жана жырткычтардан турагын коргоо үчүн, тамак – аш табууга, ошондой эле жашоого керектүү нерселерди жана башка урууларлагы аймакты басып алуу максатында куралды ойлоп тапкан. Ар бир кишинин өзүнүн милдети жана укугу болгон, табылган тамак – аш жалпы болуп кишилер жырткычтардан биргеликте коргонгон, талаш маселелерди биримдикте чечкен.

Биринчи ойлоп табылган курал оор турмушту жакшыртууга жардамы тийген: таштын жардамы менен өлтүрүлгөн айбанатты кескилеп бөлгөн, учталган таяк мергенчиликке пайдаланылган жана аны менен дүмүрдү, түптү казып алууга мүмкүн болгон. Эң оболку мезгилде эле мергенчилик үчүн каражат менен согушуу үчүн куралдын айырмасы так болгон. Курал акылдуу жана куу адамдар үчүн согушууга жарамдуу болбогон менен жапайы айбанды өлтүрүү үчүн толук жарамдуу эле.

Ошон үчүн эгер байыркы уруудагы мергенчи жоокер – коргоочулукту бирдей аткарса, мезгилдин өтүшү менен бул айырмачылык даана так көрүнө баштаган. Солдат олуттуу согуштук керек нерселер менен жабдылса, ал эми тамак – аш таап келүүчү болсо айбанатты өлтүрүүгө тигил байкап калгыча мурда ага мергенчилик кылыш үчүн жеңил жана бардык мүмкүнчүлүктү эске алыш керек.

Куралдын өнүгүп – өсүшү менен адам кыйла тапкыч жана күчтүү боло баштаган. Дүйнөнүн бардык байыркы элдеринде куралсыз беттешүүнүн өзүнүн жеке техникасы болгон. Согуштук искусствону дагы ошондой эле жоокер жана курал менен салыштырса болот, мыкты өздөштүрүлгөн кол – бут менен мушташууну билгендик белгилүү бир куралдын түрүн колдоно билгенден кыйла коркунучтуу.

Болгон – бүткөн курч таштар, балталар менен найзалар, а кийинчээрек жаа жана кыска найзалар жапайы табиятта жашап калуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатыш үчүн байыркы адамдар дайыма өзүнүн куралдарын өркүндөтүүгө аракеттенгенин көрөбүз.

Бардык курч таш, балталар жана найзалар, а кийинчээрек жаа менен кыска найзалар жапайы табиятта жашап калуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатыш үчүн байыркы адамдар өзүнүн куралдарын өркүндөтүүгө аракеттенгенин көрөбүз.



Байыркы эркек жоокерлер – курал жасашууда

# БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨНҮН ЖООКЕРЛЕРИ

## Байыркы Египеттин жоокерлери

Египет Байыркы падышалык кылуу мезгилинен баштап эле саны көп басып алуучу жана коргонуучу мүнөздөгү өтө зор жоокерлерди кармаган. Бул максаттар үчүн абдан мыкты даярдаган бирдиктүү күчтүү армия талап кылынган.

Туруктуу мүнөздөгү войско боло электе ал кезде жалданмалардан түзүлгөн. Андай жалданма солдаттарды согуш жүрүшүндө гана чогулушкан, а калган тынч мезгилде алар өзүнүн көнүмүш иши менен алакеттенген. Аларга жакшы төлөп беришкен. Армияга чогултуу өз эрки каалоосу менен жүргөн. Согуштук жогорку кызмат – **жати** болгон, ал войскону жана флотту башкарган жана жоокерлерди чогултууну көзөмөлдөгөн. Ошол мезгилде падышаны коргоочу гвардия түзүлгөн.

Байыркы падышалыкта «курал үйү» болгон, ал куралдарды даярдоо, кемелерди куруу, войскону куралдандыруу, жабдуу жана коргонуу курулуштарын куруу менен алектенген.

Египет армиясынын негизги күчү жөө жоокер жана араба отряды болгон. Орто мезгилдеги падышалыкта согуштук флот пайда боло баштаган. Жоокерлер көпчүлүк учурда жезден жасалган балта, чокмор, жаа, найза же жез бычакты колдонушкан. Алар коргонуу үчүн тери капталган жыгачтан жасалган калканды пайдаланышкан. Орто падышалыкта металды иштетүү өнүккөнүнө байланыштуу найза, кылыч жана жаанын учу колодон жасалган. Бул мезгилде жаа тартуучулар жана аткычтар пайда болгон. Войско отряддан турган. Алар согуштук ишке үйрөтүүчү атайын башкаруучунун үйрөтүүсүндө согуштук даярдануу менен алектенген. Байыркы падышалык мезгилинде эле египеттиктер катарга тизилүүнү пайдаланган. Катарда турган бардык жоокерлер бир түрдүү курал менен куралданган.

Египеттин эң күчтүү убагы аймагын бардык жат жерликтерден бошотуу менен байланыштуу, дал ошол учурда Египетте ат пайда болгон. Ошонун шарапаты менен армияда атайын отряд түзүлүп арабачандар согушкан. Арабачандардын түзүлүшү жеңил болгон, анда жоокер менен арабакеч эле болгон. Фараондордун күзөтчүлөрү



Фараондун арабачандарын жөө жоокерлер коштоп баратат

болгон, көбүнчө булар Нубинин жалданмалары болчу. Фараондор согуш жана салгылашуу убагында армияны башкарган. Алар войсконун алдында арабада жүрүшкөн, ал калган арабачандар анын артында жүргөн. Арабачандардын артында жөө жоокер тизилип, алдыңкы катарда эң тажрыйбалуу жоокерлер гана согушкан. Египеттиктердин убагында шаты аркылуу чепке, сепилге чабуул жасоону үйрөнүшкөн, ал эми өзүнүн өздүк лагерин тосмо жана додо жасоо менен бекемделген.

Египеттиктер чепке чабуул жасаган шаты аркылуу жыгач дөңгөлөктүн тегерегин колдонгон, ал белги менен жерге жана чептин дубалына чейин жетүүгө жеңилдик берген. Чептин дубалын бузуу, тешүү үчүн темир таяк менен урушкан. Ушинтип дубалга чабуул коюу жолу жана техникасы жаралган.

## Месопотамиянын жоокерлери

Байыркы заманда Тигр менен Ефраттын төмөнкү жана ортоңку агымында жайгашкан жер Месопотамия же Экидарыянын аралыгы деп аталган. Биздин доорго чейин III миң жылдыктын ортосунда Месопотамиянын аймагында биринчи мамлекет пайда болгон. Анын түштүк бөлүгүндө байыркы цивилизациянын өнүккөн борбору – Вавилония, Вавилониянын түштүгүндө – Шумер жана Вавилониянын түндүгүндө – Аккад түзүлгөн. Түздүктү дөңсө –дөбө менен тоолорго алмаштырган Месопотамиянын түндүгүндө байыркы Ассирия мамлекети пайда болгон.

Вавилондуктардын согуштук тактикасы жаңы эч нерсе киргизген эмес. Башталышында алардын войскосу жеңил куралданган отряддар жана арабакечтерден турган. Байыркы учурда Вавилониялыктар катар тизилгенди билген эмес. Аны кийинчээрек колдонушту. Вавилондук бир нече катарга тизилген куралдануусу жана тактикасы так эле ассириялыктарды тууражан.



Алгачкы ассириялык кавалерия

Вавилондуктарда атчандар ассирия мамлекетин талкалангандан кийин пайда болду. Анын бир бөлүгү жалданма - ассириялыктар, бир бөлүгү – өздөрүнүн жоокеринен турган. Анын согуштук ыкмасы деле толугу менен ошондой ассириялыктарды тууражан.

Ассириянын гүлдөө учуру Жаңыассирия падышалыгы (биздин доорго чейин 934–608 – жж.) аталган учурга туш келет. Согуштук техника, стратегия, чалгындоонун натыйжасында Ассириянын армиясы күчтүү болду, мунун акыры ассириялыктарга Байыркы Дүйнөдө эң ири дагы бир мамлекет түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ассириялык армия бир нече түркүмдөн жана войсконун түрүнөн турган: жеңил жана оор куралданган жөө жоокер, атчандар. Арабачандар, инженердик войск, бир нече кемелердин бирикмеси флот. Андан тышкары алар жаа огун, ташты ыргытуучу катапульттарды, чептердин дубалдарын талкалоочу тарандарды жана арабачандарды колдонгон. Ассирия армиясынын башында башкы командачы – **туртан** турган. Армиянын жалпы саны 120 миң кишиге жеткен.

Ассириялыктардын жетишкендиктери ар түрдүү войсконун түрлөрүнүн бири- бири менен шайкеш, биргеликте аракеттеринен болду: армиянын сокку уруучу күчү арабачандар эле. Адатта арабакеч жана жаа аткыч, анын артында чабандестер жайгашкан.

Жөө жоокер адатта 3 катарга тизилген. Жаа атуучулар калкан кармоочулардын коргоосу менен алдында же алдыдагы 2 катарга тизилген найза сайуучулар энкейип

ийилгенде же тизелеп отурганда жаа атуучулар алардын үстүнөн атуу үчүн арткы катарга туруп аткан. Талкаланган душманды кубалоону атчандар аткарган.

Ассирия биздин доорго чейин XXIV кылымдан тартып – биздин доорго чейин VII кылымда Мидия менен Вавилония тарабынан аны жок кылганга чейин эки миң жылдай жашады. Жаңы ассириялык мамлекет (биздин доорго чейин 750 – 620 ж.) адамзаттын тарыхындагы биринчи империя деп эсептелинет.

## Байыркы Грециянын жоокерлери

Байыркы Греция, Эллада – Европанын түштүк – чыгышында жайгашкан антикалык грек цивилизациясы, анын өтө гүлдөгөн учуру биздин доорго чейин V – IV кылымдарга туш келет, ошондой эле классикалык мезгил катары белгилүү. Байыркы Грециянын маданиятында бүгүнкү адамзат цивилизациянын башаты жатат. Байыркы Грециянын негизги борборлору - Афин – менен Спарта болгон.

Бардык жашоосунда Спартага согуштук иш баш ийген. 7 жаштан 20 жашка чейин спартачылар окуудан өткөн, ошондон кийин гана толук кандуу атуул – **спартачы** болуп эсептелген. Мектептеги окуу сонундукту жек көрө билүүгө, кыңк этпей угууга, чыдамкайлыкка, дене күчү менен кайраттуу болууга жетилүүгө багытталган. Өспүрүмдөр катаал шарттарда тарбияланган: аларды көпчүлүк учурда ачка болууга мажбурлашкан, жокчулук, кууралга чыдай билүүгө жана бат – бат жазалап турушкан. Убагынын көпчүлүк бөлүгүн чуркаганга, күрөшкөнгө, дөңгөлөк жана найза менен машыгууга жумшашкан. Согуштук оюнга көпчүлүк көңүл бөлүнгөн. Ар бир спартанчы окуганды жана жазганды билсе дагы аз убагын маданиятка тарбиялануга, үйрөнүүгө бөлгөн. Кыска жана так сүйлөөгө үйрөтүшчү («лаконикалык» - Лакония дегенден). Чыдамкайлыкка ык алууну, катаал тарбияны – аны азыр спартанчы деп аташат.

Спартан армиясынын негизги курамында саны 5–6 миңден кишиси бар оор куралданган жөө жоокер – **гоплиттер** түзгөн. Куралдангандар найза, кыска кылыч жана коргонуучу куралдар түзгөн: тегерек калкан, туулга, көкүрөгүнө жаза, бутуна чопкут, соот панцир тагынышкан. Коргоо куралдарынын салмагы 30 кг. га жеткен. Ошондой эле жеңил куралданган жөө жоокерлер болгон, алардын куралы жеңил найза, кыска найза же жаа жебелери менен болгон.




Гоплиттер

Спартанчылардын эрдигине Фермопилдеги салгылаш жаркын үлгү болуп эсептелет, анда 300 спартанчы гоплиттер грек – перс согушунда саны боюнча өздөрүнөн он эсе көп Ксеркс Iпадышанын армиясына көп убакыт чыдаган.

Афинада ошондой эле балалыгынан баштап согуштук устачылыкка, кол өнөргө үйрөтүшкөн. 60 га чейин бардык атуул согуштук кызматка милдеттүү деп эсептелген. Согуштук лагерден тышкары алар өз алдынча денесин чың алып жүрүүгө тийиш болгон. Согуштук иштин кадыр - баркын жогорулатуу үчүн атайын төрт жылда бир спорт оюндарын – Олимпиадалык оюндарды өткөрүшкөн. Беш күн катары менен адамдар чуркап жарышып, дөңгөлөк жана найзаны ыргытып, күрөш жана

ат жарышы менен мелдешкен. Майрам убагында бардык согуштук иштер, аракеттер токтотулган.

Афиндиктердин армиясы гоплиттерден, жеңил жөө жоокерден жана атчандардан турган. Гоплиттерден согуштук катар – фланганы түзүшкөн. Фланга – бир нече катарга түз тизилген көп жоокерлерди түшүндүрөт. Белгилүү таасири болсо дагы флангадагы найзачандардан мурун фланганын биринчи катарындагылар согушка биринчи кирген. Арткы катарда тургандар биринчи катарды колдоп турушкан, ошол эле убакта флангага «көпчүлүктү» түзүп жана артка чегингендерди тосуп турушкан. Салгылашууда начар уюшкан душман түзүлүшүн биргелешкен кыймыл аракет менен грек флангы жеңип, бекем согуштук натыйжада окшош түзүлүштү пайдалануу менен катары жарып өтүшкөн.



Грек кеме – триерасы

Триера же трирема Байыркы Грециядагы согуштук кеменин калыбында негизделген. Бул шахмат тартибинде биринин үстүнө бири жайгашкан үч катар тартылган калактар менен айдалуучу парус. Ар бир кеме алды жагынан темир же жез менен капталган чымчыктын тумшугундай уркуйган курч тилкеси бар. Капталынан катуу урганда душмандын кемесин тешип кетет. Триера биздин доорго чейин VII – IV кылымдарда ылдам жана маневрлуу согуштук кеме болгон.

## Македондук жоокерлер

Сципион кимди улуу полководец деп эсептээри жөнүндө Ганнибалдан сураптыр. Ал: Македониянын падышасы Александр деп жооп берет. Колу сансыз жоокерлерди аз колу менен талкалап жана алыскы өлкөлөргө чейин жеткенин бардык эле адам көргөн эмес.



Македониянын жоокерлери

Башталышында Македония грек жеринин түндүгүндө койчулардын жана дыйкандардын чакан мамлекети болгон. Ошондой болсо дагы биздин доорго чейинки IV кылымда македониялык падыша Филипп IIкүчтүү войско курап Македонияны, андан кийин бүткүл Грецияны басып алган. Македониялык армиянын негизги башкы сокку уруучу күчү македондук аксөөктөрдүн өкүлдөрү кызмат кылган оор кавалериялык отряд – **гетайлар** (атчандар) болгон. Гетайлар кавалердик найза менен куралданган, найзанын эки башы учтуу темир сайгыч кийгизилген, кыска кылыч, туулга кийип көкүрөгүнө, аркага коюлуучу темир калкан жез чарайна менен коргонушкан. Македониялык армия жеңил атчандары катары фракийлик уруулардын атчандардын пайдаланган. Фракийлер чалгындоо иштерин жүргүзүп, согуш убагында гетайлардын оор аткычтарын колдошкон. Жеңил жөө жоокерлердин арасында таамай аткандары менен белгилүү болгон **криттик жаа аткычтар** болушкан. Алар сол колуна, чы-

канагына кичинекей коло калкан тагынып жүрүшкөн. Бул калкан күнгө чагылышып маңдайындагы атууучуларды көргөзүп жаркырап турчу, мына дал ушуга критяндыктар сыймыктанган. Башына өзгөчөлүү оролгон селде кийишкен. Ошондой эле македония армиясында калкан тосуучулар, варварлардан жеңил кавалерия, шериктештерден жөө отряд, жалданмалар жана жардамга өз эрки менен келген ополчендер болгон.

Филипп жортуулга өзүнүн уулу Александрды көп алып баруучу. Александр кичинесинен эле саясатка, элчиликке, согуштук чебердикке үйрөнгөн. Ал ошол мезгилдин эң мыкты эркек окумуштуулары – Лисимах, Аристотелден окуган. Филипп өлтүрүлгөндөн кийин биздин доорго чейин 336 –жылы Александр Македониянын башкаруучусу болуп жарыяланат. Александр бийликке келгенден кийин атасынын өлүмүнө күнөөкөр болгон атасынын душмандарын жок кылат жана салыкты жокко чыгарат. Андан кийин 2 жыл аралыгында өлкөнүн түндүгүндөгү жапайы фракий уруусун басат жана Македониянын Грециядагы бийлигин калыбына келтирет. Андан кийин Александр бүткүл Элладаны бириктирет жана атасы өмүр боюу көксөп тилеп келген Персияга улуу жортуулун аяктайт. Дал ошол перстер менен болгон салгылашууда Александр Македонскийдин укмуштуудай согуштук талантын ачкан. Биздин доорго чейинки 334- жылдагы Граник дарыясындагы салгылашуудан кийин бүтүндөй Кичи Азия македониялыктардын бийлиги астында калган. Ал эми Александр өзү улуу полководец жана жеңип алуучу даңкына чөмүлгөн.



Улуу полководец Александр Македонский

Согушсуз жеңип алган Сирия, Финикия, Палестина, Кария ж. б. Жакынкы Чыгыштын өлкөлөрүнөн кийин Александр Египетке карай жөнөйт, ал жактан аны жаңы Кудайдай кабыл алышат. Египетте падыша өзүнүн урматына Александрия шаарын негиздейт. Персияга кайтып келген Александр Сузу, Персепаль жана Вавилонду жеңип алат. Акыркы шаар бириккен мамлекеттердин борбору болуп калат. Биздин доорго чейинки 329 – жылы Александр Азиянын падышасы болуп калат. Эки жыл ичинде Согдеан жана Бактрияны басып алат, башкача айтканда азыркы Афганистан, Тажикстан жана Өзбекстан. Ушул эле жылы скифтерди жеңип бактриялык ханыша айым Роксанага үйлөнөт жана Индияга жортуулга аттанат. Биздин доорго чейин 323- жылы февралда Александр Вавилонго токтоп, жеңип ала турган жаңы жерлерди пландаштырат. Жакынкы максаты араб уруулары жайгашкан Араб жарым аралы, келечегинде Карфагенге каршы экспедиция турган. Бирок, анын планы ишке ашпай калды. Жоортулга чыгаарга беш күн калганда Александр ооруп калды. Ал эми он күндөн кийин 32 жашында Вавилондо өлдү.

Батышта Александр Великий катары кыйла белгилүү. Антикалык мезгилде эле ал улуу полководец катары даңкы чыккан. Ошол учурда белгилүү жерлердин жарымынан көбүн багынтып алган, бир да жолу жеңилип көргөн эмес. Анын империясы Африкадан Индияга чейин созулган. Ал соода жана маданият борбору болуп калган. Жыйырмадан ашык жаңы шаарларды негиздеген. Анын империясы Рим империясынын образына окшошсо, кийинчээрек – Наполеон үчүн үлгү болуп калган.

Александр Македонский 40 миң жөө жоокер жана 7 миң атчан жоокери менен Македония армиясынан саны боюнча бир нече артыкчылык кылган персид падышасы Дарийдин жоокерин Персияга каршы согуштагы салгылашууда чечүүчү мааниге ээ Гавгамеладагы согуш убагында 331- ж. 1- октябрда талкалаган.

# Байыркы Римдин жоокерлери

Тарыхта адамзаттын цивилизациясында тукумдары сыймыктанган, аны тууроого умтулган жана кызганган – бул Рим. Бардык эле элдер байыркы империянын даңкына жылынгысы келген, Римдин каада – салттары, мамлекеттик институту же жок эле дегенде архитектурасын тууррагандар толтура. Бир гана римдиктер жетер жерине жеткизген жана башка мамлекет тууроого өтө оор болгон - бул армия. Байыркы дүйнөнүн мамлекети абдан белгилүү жана эң ири даңктуу легионду түзгөн.

Рим жоокеринин негизи **легион** болгон. Ушундан улам легионер деген ат чыккан. Легион негизинен 5–6 миң жөө жоокер жана бир нече жүз атчандардан турган. Ар бир легиондун өзүнүн саны жана аты болгон. Республика мезгилинде легиондун башында **согуштук трибун** турса, ал эми Империя мезгилинде – **легат** турган. Империянын армиясынын саны анын аймагы өскөн сайын биргеликте өскөн. Римдин жаңы жоокерлери алар басып алган аймактардын жашоочулары болушкан. Эгер биздин доорго чейин VI кылымда бир легионду түзгөн Рим армиясы 3 миң жоокерден турса, биздин доордун башталышында легиондордун саны 25 миңге чейин жетип өскөн.

Согуш алдында легион оор жөө жоокерден шахмат тартибинде 3 катарга **манипул** (легиондун тактикалык бөлүгү) боюнча тизилген: биринчи, 20–25 жаштагы жаш жигиттер басымдуулук кылган гастаттардын манипулы, экинчиси, 30дан 40 жашка чейинки тажрыйбалуураак жоокерлер – принциптер менен түзүлгөн. Принциптер ошондой гастаттардыкындай эле ыргытылуучу найзалар (пилумамдар) жана традициялык кыска кылыч – темир менен куралданган. Үчүнчү катарда триарлар. Рим легионунун тажрыйбалуу ветерандары турган. Триарлар эң мыкты курал – жабдыктарды алууга укуктуу болушкан. Триарлар гастаттар жана принциптерден айырмаланып сокку уруучу узун найзалар менен куралданышкан. Ошондой эле триарлердин жабдуусу башына туулга, бутуна жана колуна коло чопкут, соот панцир кийген. Ошондой эле кавалерия жана кыска найза жана салмоор менен куралданган жеңил жөө жоокерлер (валиттер) бир нече катарга флангага тизилген.

Так, даана шартка байланыштуу легион чабуул үчүн зарыл тизилүүнү уюш-



Рим легионунун чабуулу

тура алышкан. Адатта манипулдар гастаттар менен принциптерди пайдаланыщкан. Триерлердин манипулдары абал оор болгондо гана адатта же согуштун аякташы биринчи эки катарда эле чечилчи. Велиттер чабуулдун биринчи толкунун түзүшкөн: душмандын катарына кыска найзаларды, таштарды жана салмоордун коргошунун ыргытып, андан кийин флангага жана манипулдардын ортосуна чуркап келишкен. Душмандан 10–15 метр аралыктагы легионерлер тигилерге найза – пилумдарды мөндүрдөй жаадырып жана кылычташып, кол менен мушашты башташкан. Салгылашуу кызыган учурда атчандар жана жеңил жөө жоокерлер легиондун флангасын коргошкон, андан кийин качкан душмандарды кубалап – куушкан.

Өзүнүн согуштук уюмун тынымсыз өнүктүрүп- өстүргөн римдиктер биздин доорго чейинки III кылымдын башталышында өздөрүнө Ортоңку жана Түндүк Италияны багындырышкан. Түштүк үчүн болгон күрөштө алар душмандын Пирр сыяктуу коркунучтуу жана кайдан – жайдан экени белгисиз эллинизм доорунун эң көрүнүктүү таланттуу полководецинин бири Грек мамлекетинин падышасы Эпир менен беттешүүгө туура келген.

Биздин доорго чейинки 279 –жылдагы Аускул алдындагы согушта падыша Пирр римдиктердин войскасына эки күн катары менен чабуул коюп алардын каршылыгын сындырган, бирок, жоготуулар көп болгондугун байкаган Пирр: «Дагы ушундай бир жеңиш болсо анда мен жоокерсиз калам» дептир. Ушундан улам «Пиррдин жеңиши» деген лакап сөз калган.

## Гунндар

Римдиктер үчүн өтө коркунучтуу шериктеш болушкан. Остгот королдугун жеңип алган жана башка Дунайдан түндүккө чейин герман урууларын басып алган гунндар алардан тамак – аш корун алышкан, бул бир королго баш ийген бир чоң, бирдиктүү урууну түзүүгө жетиштүү эле. Гунндар үрөй учурган шумдуктарга ишендирген, өздөрүнүн саны аз экенине карабай көптөй көрүнүп элдерди каратып алган жана Константинополдун императорун коркутуп алтын менен зор алым берүүгө мажбурлаган. Гунндардын ыкчам кыймылы жана каардуу чабуулу Апокалипсанын атчандарын эске салган. Чыгыштан гректерден гунндар өз душманынын баш сөөгүнөн идиш жасайт жана андан тамак ичет деген сөздөр тараган.




Гунндун жаасы

Гунндар узундугу бир жарым метрдей болгон алыска атыла турган күчтүү жаа жасашкан. Ал бөлүктүү келип бекем жана серпилгич болуш үчүн аны сөөктөн жана малдын мүйүзүнөн жалпак темирге бекиткен. Жебелердин учуна сөөк эле орнотулбастан темир жана коло жез менен бекемделип пайдаланылган. Ышкырган жебелерди дагы жасашкан. Сөөктү тешип оюкча жасаганда ал учуп баратып коркунучтуу ышкырат. Жаага атайын өзгөчө кийме кап жасап аны сол жагына белге бекиткен, а жебелер баштыкча саадакка салынып жоокердин далы жагында болгон. «Гунндун жаасы» же скиф жаасы – күбөлөргө караганда римдик, эң заманбап жана натыйжалуу антикалык курал, - римдиктердин согуштук эң баалуу олжосу деп эсептелген. Гунндар пайдаланган кылычтар сайып, малып алууга ыңгайлуу узун болгон. Негизинен алар

эки жагы теӊ курч болгон. Ошондой эле гунндар канжарды колдонушкан.

Гунндар жеӊип алган Батыштагы жортуулду – улуу полководец Атилланын ысымы менен байланыштырышат. Атилла гунндардын бир жол башчысы – Мундзуктун уулу болгон. Мундзук бир нече жолу гректер жана римдиктер менен элдешүүгө келишим түзгөн, аларга барымтага өзүнүн уулу Атилланы жиберген, ал абдан көп билүүгө умтулган ынталуу жана өткүр зээндүү эле. Атилла туткунда жүрүп латын жана грек тилдерин үйрөнгөн., өзүн барымтага кармагандардын армиядагы стратегия менен тактикасын үйрөнгөн, ошондой эле ар кайсы элге өзүнүн мамлекети болушунун маанисин түшүнгөн. Мамлекет гана ар кайсы элдин эӊ күчтүү тирөөчү болоорун ал түшүнгөн. Атилла пайда болгончо гунндардын өз мамлекети болгон эмес. Ал жоокер согушчул көчмөндөргө керек болгон эмес. Алар белгилүү бир аймакта ал жердин керек корунун баарын түгөнгөнчө гана жашашкан. Атилла таланып – тонолгон уруулардын баарын бириктирген жолбашчы болгон. Атилла гунндардын жол башчысы болуп зор империя түзгөн. Гунндар өлүмдөн корккон эмес, Атилла аларга согушта өлгөн ардактуу экенин жана алардын уулдары үчүн сыймыктуу үлгү болоoруна ишендирген. Атилла бийликке жыйырма алты жашында келсе дагы ал таланттуу элчи катары өзүн көрсөтө алган. Анда кишилерди өзүнө баш ийдирип алган касиет болгон. Ал өз армиясын Рим империясынын үлгүсүндө түзгөн, өзүнүн жоокерлерин атта, жөө катарда дагы аеосуз согушканга үйрөткөн. Ошондой эле Атилла өзүнүн согуштук жортуулдарында Римдиктерден көргөн жаанын огун, ташты ыргытуучу катапульттарды, балисттерди жана дубалды талкалоочу куралдарды пайдаланган, бирок, аларды инженердик билими менен кыйла эле өркүндөтүп Европа шаарларын биринен сала бирин багындырган.

Атилла жана анын жоокерлери өлүм жана талкалоо алып келген. Аны менен бирге алардын жортуулу дүйнөдөгү эӊ кооз, көркөм шаарлардын бирин түзүүнү шарттаган. Гунндардын жортуулунан кийин Түндүк Италияга аман – эсен келгендер Адриатика аралына жана ортосун кум бөлүп турган деӊиз булуӊуна келип кийин ал жерде Венеция деген шаар пайда болгон.



Гунндар

# ОРТО КЫЛЫМДЫН ЖООКЕРЛЕРИ

## Варварлар

Биздин доордун III кылымында антикалык мамлекеттер түндүк жана чыгыш көчмөндөрдүн катуу кысымына такыр туруштук бере албай аябай алсыраган. Качандыр бир кезде бул көчмөндөр чытырман токойлордо же кургакчыл талааларда жашап, шаар дегенди, жазууну, жалданма армия дегенди билишкен эмес. Миң жылдап алар сыртта көчүп – конуп жүрүшүп ээлеп алуу, талкалоо, бүтүндөй антикалык дүйнөнү жутуп алар түштүккө жана батышка жылышкан. Римдиктер аларды варварлар деп аташкан.



Кельттер

Эң мыкты жоокер-варварлардын бири **кельттер** болушкан. Байыркы кельттер согушта үрөй учурган коркунучтуу болушкан – алар эч кандай кийим кийишпей эле көк боёк менен боёнушкан. Көккө боёнушкан жылаңач жоокерлерди көргөндө каршылаштарын өзүнөн өзү коркунуч каптаган. Мындан тышкары алар чачтарын ак акиташ менен боёп, денесин – татуировкалаган. Кыскасы, алар душмандардын викингдерди коркуткан берсеркилердей берсеркилерден кем эмес жүрөктүн үшүн алып коркутушкан. Ошондой болсо дагы берсерктер анча көп эмес болушчу, кельттер көп эле.

Кельт баатыр жоокер болгон. Алар өз өмүрүн анча деле баалаган эмес. Алар согуш үчүн жашашкан, өздөрүнө тиешелүү эр жүрөктүүлүккө мактанган аларда тартип болбогондуктан көп учурда жеңилүүгө учурашкан. Кельт жоокери боосун оң капталына илип алышып, узун кылып ошондой эле найза жана кыска найза менен куралданган. Көпчүлүк жоокерлер жылаңач согушкан менен, кээ бирлери коло туулга жана соот кийишкен. Туулга менен соот темир тор көйнөк көбүнчө жырткыч же чымчыкты элестеткен рельефтүү сөлөкөттөр менен жасалгаланган. Жоокерлер узун бойлуу болуп, коло сөлөкөттөр түшүрүлгөн кооздолгон калкан кармашкан.

Салгылашууда атчандарга кельттер согуштук арабаларды колдонушкан. Өзүнүн эки аттуу арабасы менен согушка кирген жоокер алгач кыска найзасын ыргыткан, андан кийин арабадан түшүп кылыч менен салгылашкан. Салгылаш алдында куралын силкилдете катардан чыгып душманынын жүрөгүн түшүрүп кайраттуу каршылашын жекеме – жекеге чакырышкан. Каршылашын өлтүргөн кельт ал жоокердин башын кесип алып, өзүнүн атынын мойнунуна

Байыркы кельттерде кельт Друиддер (жрецтер) абдан кадырлуу болушкан. Друиддер эменди ыйык бак дешкен, анткени, алардын кудайы – агын сууларда, таштарда, бактарда бардык жерде жашайт деп эсептешкен жана ишенишкен. Бир гана эмендин өзүнө караганда өтө ыйык жана сыйкырдуураак нерсе бул – ууктургуч ак жемиши бар, дайыма жашыл болуп туруучу өсүмдөк омела, ал эменде өсөт. Друиддер омеланын касиети, укмуштуу керемети бар деп аны алтын орок менен кесип алып, тазалоочу түрдүү ырым – жырымдарды жасашкан.

илип койгон. Андан кийин өлүктүн курал – жарагын алып жана курал көтөрүүчүгө кан болгон согуш олжолорун алып кетүүгө буйрук берип, ошол эле учурда жеңилген душмандын өлүгүнүн жанында согуштук ырды ырдаган. Согуш олжолору анын турагына алынып келинген, бир тобунан айырмаланган ал душман жоокердин башы кедр майына бальзамдалган.

## Викингдер

Викингдер эрте орто кылымдарда VIII –XI кылымдарда Виландан Биармияга жана Каспийден Түндүк Африкага чейин деңиз жортуулун жасаган түпкүлүгү скандинавиялык деңизде жүрүүчү деңиз саякатчылары. Негизги эл азыркы Швециянын, Даниянын жана Норвегиянын аймагында жашаган алар өзүнүн өлкөсүнөн тышкары көчүп – конуп жеңил оокат көздөгөн эркин дыйкандар болгон.

Викингдер кичинесинен эле согуштук ишке үйрөнүшкөн. Викингдердин өтө айбаттуу куралы эле согуштук балта болуп эсептелет. Балтанын узун жыгач сабы болгон жана аны эки кол менен кармап жөө жоокер куралданганга гана жөндөмдүү болушкан. Өздөрүнүн согуштук балталардан бетме – бет жакындан урушта жана ыргытуу үчүн пайдаланышкан. Викингдердин балталары жарым айга окшошуп айбалтанын формасында болгон. Балта өтө күчтүү курал болгондуктан душмандын курал – жарагын талкалап түшкөн, аны менен кеменин парус бекитилүүчү мамысын мачтасын талкалай чабат жана сепилдин дарбазасын майдалап жараңкалап сындырса болот. Ошондой эле викингдер «саксты» пайдаланышкан – ал узун бычак сыяктуу же бир жактуу курч кылычтай, ошондой эле кээде жаа менен жебени колдонушкан. Калкан тегерек жана анча чоң эмес болгон. Дайыма эле кадимки найзаны эле эмес, жеңилирээк – ыргытманы дагы пайдаланган.

**Викингдер** – Скандинавиядан чыккан деңиз каракчылары, 9–11- кылымдарда



Викингдердин драккары

8000 км. аралыкка, мүмкүн андан да көп аралыкка жортуул жасашкан. Бул адепсиз, орой жана калтаарыбас эр жүрөк кишилер чыгыштан Персиянын чек арасына батыштан Жаңы Дүйнөгө жетишкен.



Берсеркерлердин жоокери

Викингдер каякка гана жөнөшпөсүн Британ аралдарына, Францияга, Испанияга, Италияга же Түндүк Африкага барышпасын алар аеосуз талап – тоноп жана бөтөн жерлерди басып алышкан. Кээ бир учурларда алар басып алган жерлеринде отурукташып жана алардын башкаруучулары болуп калышкан.

**Берсеркерлердин жоокерлери** душмандын өзгөчө үрөйүн учурган. Алар чоң күч, тез байкаганы, ооруну сезбегени, кээде ашкере алаңгазарлыгы менен айырмаланышкан. Аларды от менен да темир менен дагы алууга мүмкүн эмес болгон. Бул бексеркенин каардуу ичке кирүү, дуушарлануусу деп аталган. Калкан жана сооту жок, бир гана көйнөкчөн же белине чейин жылаңач салгылашкан. Ар бири кадимки жоокердин 20сына тең келген. Берсер үчүн согушта өлбөй калуу ойго келбеген иш эле, эгер согушта өлбөй калып картайса өзүн алсыз сезип, найза менен өзүн көкүрөккө сайып ырым – жырым кылып өзүн өзү өлтүргөн.

Викингдер укмуштуудай жан аябаган күч, каардуу – жаалдуу жана ооруну сезбегендиги менен айырмаланган. Тоңгон тозоктун накта кудайлары. Аларды талап – тоноого өз жеринен башка жакка көчкөндөрү аргасыз кылган, түндүк болсо дыйканчылыкка начар, жаман эле. Жоокерлер коркунучтун алдында эр жүрөктүүлүгү менен айырмаланышкан. Алар согушта өлөбүз, Вальхаллада болобуз - түбөлүк тойдун бейишинде Одиндин өзү менен болобуз деп эсептешкен. Каармандык жана ырайымсыздык менен салгылашкан.

Викингдер чебер кеме куруучулар болгон, өзүнүн доорунда эң мыкты кемелерди курушкан. Викингдердин флоту кноррлор соода кемелеринен турган **драккарлар** деп аталган басымдуусу согуш кемелеринен турган. Согуштук кемелер жана соода кемелери эркектерге деңиздин ары жагындагы өлкөлөргө баруууга, ал эми башка жакка отурукташуучуларга жана изилдөөчүлөргө тыюу салынган деңизден өтүп жаңы жерлерди жана байлыктарды табууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

## Скифтер

Скифтер Европа тарыхында авансценада пайда болгон биринчи атчан көчмөндөр болушкан. Скифтер өзүнүн коңшулары менен бир нече кылымга созулган согуштарда жеңген жана алыскы чыгыш өлкөлөрүнө көп жоортул жасаган. Скиф отряддары байыркы Чыгыштын эң күчтүү мамлекеттери – Мидия, Урарту, Лидия, Ассирияга бир нече жолу кол салышкан. А түгүл бир жолунда жолуккан шаарларды кыйратышкан, элдерин атышкан жана кулдукка алып кетишкен. Көрүнүктүү полководецтердин жана падышалардын зор армиясын жеңил гана жеңип алгандыктан скифтер көп мезгилге чейин жеңилбес деп эсептелген.

Урушта Скифиядагы бардык эр жеткен калк, көптөгөн аялдардан бери катышкан. Негизги бөлүгүн болгону айбанаттын

терисин кийген жеңил куралданган жоокерлерден турган кавалерия түзгөн. Скиф жоокеринин сокку урууучу күчү оор кавалерия болгон. Аттар дагы, атчандар дагы жакшы жабдылып корголгон. Кавалериячылар тартиптүү болуп урушта кээ бир согуштук ыкмаларды жана белгилүү бир согуштук тартипти билишкен. Скифтер согушунун өзгөчөлүгү алар жумшак ээрге минип алышып атты чаап баратып шашпай душманын жаа менен атып өлтүрүп кайра чагылгандай тездик менен артка кайткан, андан кийин кайра чабуулга кирген. Скифтер ушундай тактиканын негизинде көп кылым согуш талаасында жеңилгенди билген эмес. Душмандын согуштук арабасы, жөө жоокери мындай тактика – ыкмага каршы эч нерсе жасай алган эмес, ошондуктан артыкчылыгы согуш талаасында толук болгон.

Скифтер **акинакарлар** менен куралданган – кыска кылычтар, анча чоң эмес жыгач жаа, жебесинин учуна коло пайдаланган. Скиф жаасынын түзүлүшү жана өлчөмү ат үстүнө жана жөө жоокерлер атканга ылайыкталып жасалган. Жаа жана жебе тулупка – атуу үчүн өзүнчө чөнтөгү бар атайын кутуга баткан. Көпчүлүк атактуу атчандардын коло туулга, териге тигилген коло же темир менен бекитилген кабырчак панцир, курал – жарак, жабдык шаймандары бар болгон. Сыртына калың тери кынапталып капталган коолдолгон жырткычтардын сөлөкөтү түшүрүлгөн алтын эмблемалары бар сүйрү же түз бурчтуу жыгач калкан жоокерди сактаган. Жоокердин шаймандарына темир же колодон кичинекей жалпак нерселер менен кооздолгон тери кур, оң жагында – кыны менен кылыч, а түгүл учуна учтуу чоңураак темир кийгизилген кыска найза, найзалар, согуштук балта – **айбалталар** пайдаланылган.

Скифиядагы бардык эркин эркектер жоокер болушкан. Көп он жылдыктар аралыгында согуш алардын негизги жана сүйгөн иши болгон. Согуштук жоортулдарга катышкан жоокерлер алар белгилүүлүгүнө жана байлыгына карабастан скифтерде башкалардан бөлөкчө шериктештик курул-



Скифтер

ган жылына бир жолу ар бир округдун же уруунун эркектери биримдикте жоокерлердин майрамына чогулушкан.

Жолбашчы өтө зор идишке винону аралаштырган. Ал идиштен жок дегенде бир душманды өлтүргөн адам гана иче алган. Ким өзгөчө кайраттуулугу жана эрдиги менен айырмаланса, анын өзгөчө эмгегин баалап белгилеп ага ошол замат үч эселеп экиден берип ичиришкен. Ошолордон ким али согушка катыша элек болсо жана душманды өлтүрө элек болсо ал четте отурууга тийиш болгон. Скиф үчүн жашоодо эч нерсе жаман жана маскаралуу болушу мүмкүн эмес. Албетте, скиф коомундагы жаш жигиттер чыныгы жоокер болуп чыныгы эркектердин жыйынына катышууга толук укуктуу болууну самашкан. Жаш жигит өзүнүн биринчи душманын өлтүргөндө ал анын канын ичкен, ошондон улам биринчи душмандын күчү жана каармандыгы жеңүүчүнүн канына өтөт жана аны андан дагы күчтүү кылат деп эсептелген.

## Монголдор

Чыңгыз кандын жана анын мураскорлорунун доорундагы монгол армиясы – дүйнөлүк тарыхта таптакыр бөтөнчө көрүнүш. Монгол державасындагы бардык уюшкан согуштук иш чындыгында өтө сейрек учурайт. Чыңгыз кандын армиясы өзүнүн согуштук сапаты боюнча миң жылдык тарыхтагы өлкөлөрдүн войскадан көп артыкчылык кылган. Көптөгөн уюштуруу, стратегия, согуштук тартиптин негизи жүз жылдыктарды өз убагында аныктады.

Моңгол көчмөндөрү тээ илгеритен эле Моңгол талааларына, Маньчжурия жана Забайкалга жайланышкан. Дүйнөлүк тарыхта Дунайдан Япон деңизине жана Новгороддон Камбоджага чейин өтө зор аралаш аймакты ээлеген континенталдык мамлекет. Өзүнүн жашоосуна улуу жоокер башчы Чыңгыз канга милдетүү.



Чыңгыз кан

Келечектеги кан 1155 – жылы Монголияда бай жоокердин үй – бүлөөсүндө туулган. Жортуулдан кайтып келген атасы өзүнүн жаңы туулган уулуна алар өлтүргөн татар каны – Темучиндин атын коёт. Калыбы, ат балага духу бекемдикти жана согуштук талантты кошумчалаган. Ал ырайымсыз жана тайманбас жоокер болуп өстү, 1206 – ж. жалпы Курултайда (монголдордогу жалпы элдик съезд) кандардын каны болуп шайланган. Ошондо ал Чыңгыз кан атын алган. Чыңгыз кан болуу менен ал бүлүнүп кедейленген элден өз эрки менен жыйналган бирдиктүү 130 миңдик ордо түзгөнгө жараган. Ушундай кийин Чыңгыз кан татар менен уйгурларды биригүүгө мажбурлаган. 1211 – жылдан тартып жеңиштүү жортуулдарга чыгып ал Кытай менен Тибетти, Орто Азия мамлекеттерин багындырган. Анын сан жеткис жоокери Инд дарыясына жеткен, Закавказье, Прикаспий, Причерноморьеден өтүп жана Калка дарыясында орус – половецтердин армиясын талкалаган Чыңгыз кандын жеңиштери баарыдан мурда анын ашкан уюштуруучулук, полководецтик талантына жана анын өзү менен бүтүндөй штабынын тартиптүү, акылдуу жоокер башчылары болгондугу менен түшүндүрүлөт. Ал өзүнүн жортуулдарын абдан тыкан даярдаган, ошону



Монгол ордосу

менен бирге чалгындоо жүргүзгөн жана шпиондук маалымат чогулткан. Чыңгыз кандын акыркы жеңиши – Таңгут мамлекети. Анын борбордун басып алганда – Темуджин өлөт.

Лагердик жашоого даярдык бардык эле монголдо эрте балалык кезден башталат. Ат үстүндө жүрүү сонундук эмес, ал зарылдык. Аң уулоо кошумча иш болгон, кокус малдын үйүрү, короосу менен жоголсо жашаш үчүн зарылдык болуп калышы мүмкүн болгон. Ар бир монголдун баласы колуна жаа менен жебени үч жашынан баштап кармаганды үйрөнгөн. Моңголдор өзүнүн жаа аткычтары менен даңкталган. Ар бир жаагер адатта өзүнө эки жаа жана эки саадак алып жүргөн. Моңгол жаасы абдан жазы болгон жана татаал түргө кирген; англис жаасына караганда ал катуу керүүнү талап кылган, анын дал тийүү аралыгы 200дөн 300 кадамга чейинкини түзөт. Оор кавалериянын жоокерлери кылыч жана найза, кошумча – согуштук балта же чокмор менен чалма пайдаланган. Аларды коргоочу жабдуулар туулга жана тери чарайна же соот болгон. Аттар дагы тулкунун өйдө жагын жана көкүрөгүн сактоо үчүн баш жагын териге жалпак темирлерди кадап жана жабдык менен жабдылып корголгон. Ээр дагы алыскы аралыкка минип баргыдай кылынып бекем жана ыңгайлуу жасаган. Бекем үзгөңгү жаа кармаган атчанга жакшы таяныч болгон. Моңголдор кыш мезгилинде тери тумак, ичик, кийиз байпак жана оор тери өтүк кийишкен. Кытайды жеңип алгандан кийин алар жыл боюу жибек ич кийим кийишкен. Ар бир монгол жоокеринин өзүнө кургатылган эти жана сүтү, суу же кымыз үчүн көөкөр атуу үчүн жебени учтоочу, курчутуучу, шибеге, ийне жана жиби болгон.

# Енисейлик кыргыздар

Кыргыздар – улуу жана сырдуу эл. IX кылымда Енисейден Чыгыш Түркстанга жана Керуленден Ыртышка чейинки аймакты ээлеген зор империя түзгөн. Жеңил кавалерияга тиешелүү **кыштымдар** ал уруу ак сөөктөрүнүн астында калган. Енисей кыргыздарынын армиясы өзүнө баш ийген бардык уруулардын өкүлдөрүнөн өз эрки менен келгендерден чогулган. Уруу ак сөөктөрүнүн согуштук отряддары «ажо» деген титулу бар жол башчынын тегерегине бириккен. Ажо байыркы кыргыз тилинде «кожоюн жана чексиз укуктуу башчы» дегенди билдирген. Жеңил куралданган бөлүктөр көз каранды калк – кыштымдардан гана түзүлгөн.

Енисейлик кыргыздардын согуштук негизги тактикасы жеңил куралданган атчан жаагерлердин бириндетилип орундаштырылган чачылма катары бир нече жолу тынымсыз кол салып турушу болгон. Жаагерлер соот кийген каршылаштарын гана катардан чыгарбастан алардын аттарын дагы жарактан чыгарууга аракеттенген. Өзүнүн атын жоготуп жөө калган көчмөн жерде ал өзүн ишенимсиз сезгендиктен аны жеңүү жеңил болгон. Бул учуп жүргөн отряддар согушта чалгындоо жүргүзүп, качып бараткандай түр көргөзүп соотчон атчандардын найзаларына душманды азгырган. Алар убагы менен өздөрүнүн согуштук курал – жарагын толукташ үчүн бул тирүү калкандын артына жашынышкан. Талаа кавалериясынын ат оюн искусствосуна (чаап баратып ат үстүндө түрдүүчө ойноо) эч нерсе тең келген эмес. Эң мыкты атка маштар бардык атчан чабуулда эки колу менен жаа аткан бардык багыттарда бутага дал тийгизип жеңген мындай жоокерлер чабуулда өтө коркунучтуу болгон.

Енисейлик кыргыздар согушта жааны жебеси менен жана тууну колдонгон. Атчандардын колу жана буту жыгач калкандарга көнгөн, анткени, ал жаадан жана кылычтан сактаган. Бул жыгач калкандар түрдүү катуу тактайча жыгачтардан чогултулган – мисалы, көптөгөн ийне жалбырактуу өтө баалуу жыгачтын бир түрү карагай кыргыздардын коргонуучу курал – жабдыгына кирген: кол кишен, кын, соот (көкүрөгүн коргоо үчүн) жана оплечья. Кыргыз панцири темир нерселерден турган. Панцирлер металл соот болгон. Кыргыздар жакындан салгылашканда кылыч, учу эки миздүү жазы оор кылычтар жана бир аз ийилген кылычтар менен чабышкан. Эгер керек болсо анча чоң эмес, бир аз ийилген уңгусунда балкасы бар учу курч балталар колдонулган. Согуштук балталардын саптары анча чоң эмес кайыш илмек менен жабдылган. Согуш учурунда найза менен урганда балта кайыш элмекте эркин абалда турган, алаканы менен найзанын ичке таягын кармаган. Найза душмандын жабдыгына кирип чыкпай калганда андан кийин балтага кезек келген. Ошондой болсо дагы енисей кыргыздарынын согуштук куралдарынын ичинен көбүрөөк пайдаланылган курал жебеси менен жаа болгон. Жеңил атчандардын негизги жалпы тобун айтпаганда дагы, а түгүл курал – жабдыгы толук найзачандар зарыл учурда жаа тартышкан.



Енисейлик кыргыздар

Кыргыздардын уйгурларды жана усундарды талкалаган өтө чоң армиясы (100000 жоокер) жана күчтүү атчандары бар болгон. Кыргыздын сан жеткис жоокерлери көп жылдар бою Чыгыш Түркстанга жакырдандыруучу жортуулдарды жасаган жана түрк уйгырлардын жерин тоношкон

# Байыркы Рустун армиясы

Байыркы русстун войскасынын башында князь турган. Княздын алдында түрдүү сырткы жана ички тапшырмаларды аткаруу үчүн туруктуу дружина болгон. Дружина деген бир багытты көздөп жыйналган, бириккен кишилердин коому. Дружина улуу жана кичүү болуп бөлүнгөн. Русстардын войскосу негизги ролду жөө жоокер аткарган, **жөө жоокер жана атчандар** болуп эки уруу армияга бөлүнгөн. Негизинен өз эрки менен чогулган айылдык жана шаардыктардан турган. Батыш Европа мамлекеттериндей экинчи даражадагы войско русс жөө жоокеринде болгон эмес. Ал бир нече жолу салгылашуунун натыйжасын чечкен. Дарыя жана деңиз флоту өз алдынча войско боло элек болсо дагы бардык алыскы жортуулдарга катышкан. XV кылымга чейин жоокердин куралдары найзалар (сокку жана ыргытуу аракеттерине), кылычтар, жаа жебелери менен, бычак, согуштук балталары болгон. Ошондой болсо дагы орус армиясында жаа жана жебе эч кандай чечүүчү роль ойнобогонун белгилеп коюшубуз керек. Орус жоокерлери дайым кармашып салгылашуу менен согуштун натыйжасын чечүүгө аракеттенишкен. Кылычтар оор болгон. Чернеговдогу казууларда 126 см. узундуктагы кылыч табылган, анын бир гана сабы 950 гр. болгон. Мындай оор кылыч менен согушуу үчүн чыныгы баатырдык күч керек болгон.

X кылымдан баштап жеңил кылычтар көбүрөөк таралган. XI кылымдан тартып өзү атылчу жаа – арбалет пайда болот. Войска түрдүү калкалоочу жана ыргытуучу техникалар менен камсыздалган. Салмоор жана ок – дарылар (ыргытуучу машиналар Руста X – XVIкылымдарда) пайдаланылган. Ыргытуучу машиналар үчүн снаряддар катары алар таш ок жана оттуу снаряд пайдаланышкан, күйүүчү суюктук идишке толтурулуп алар «жандуу от» аталып колдонулган. Алар душман жайгашкан бекем шаарларга ыргытылган. Алардын техникалык жараты көрүп жана угуп туруп башкарылчу.

Башкарууну эскирген каражаты – асаба – туу болгон. Асаба – тууну илгендик согуштук катарга тизилүүнү түшүндүргөн. Согуштук духту көтөрүү үчүн барабандар, духовой инструменттер пайдаланган. Жоокерди сактап – коргогон курал – жабдыктар калкан, тулга, соottор болгон. Атактуу жоокерлер ортосунда жалпак темирлер ор-



Муздагы салгылашуу

нотулган негизи металл болгон калкандарды алып жүрүшкөн. Орус войскасынын куралдануусу жана уюштурулушу, согуштук курамы, негизги артыкчылыктуу белгилери ошол учурда ушундай болгон.

Он биринчи жана он экинчи кылымдардагы орустун негизги душманы аткамаш половцылар болгондуктан согушту талаада өткөрүүгө туура келген, анда кавалерия орус армиясынын негизги күчү болуп эсептелген. Ошондой болсо дагы ат менен камсыз кылынган шаардыктар атты начар минишкен, ал эми дружина өтө көп эле. Ушуга байланыштуу кошумча кавалериялык войска катары түрктөрдү пайдалануу зарылдыгы келип чыккан. Түштүк орус жеринде кандайдыр бир себептер менен жашап калган, половецтер менен душмандык мамиледе болгон түрдүү түрк урууларынын тобу жашаган. Алардын арасында Киев княжествосундагы Рось дарыясынын аймагында жашаган мыкты уюмдашкан жана ишенимдүү «кара клобуки» аталгандар (түркчө – «каракалпак») бар болгон. Ошондой эле Киев Русинин жоокерлеринин моралдык – психологиялык даярдыгына көңүл бөлүшкөн. Мында дружинанын жогорку катмарына кирген – сыйкырчы, көзү ачык, көз байлоочу, аярлар негизги кызматты аткарышкан. Алар курмандык чалуу жөрөлгөлөрүн, ырым – жырымын кылып, дуба окуп, чокунуп, ритуалдык аракеттерди жасап «язычниктердин кудайына согушта согуштук ийгиликтерге жардам берүүсүн өтүнүшкөн»

Орус войскасынын эң маанилүү согушу 1242-жылы 5-апрелде Чуд көлүнүн Воронье ташында өткөн. Князь Александр Невскийдин жетекчилиги астында орус дружинасы Тевтон орденинин рыцарларын жеңген. Бул согуш тарыхка «Муздагы салгылашуу» деген ат менен кирген.

## Рыцарлар

Орто кылым биринчи кезекте рыцарлар менен эскерилет. Рыцарь – бул орто кылымдагы дворяндык титул. Алгач курал – жарак, шайман сатып алганга жөндөмдүү бардык эле эркек рыцарь болгонго мүмкүн болгон. Кийинчээрек рыцардын уулу гана рыцарь болгон. Эрежеде мындай деп айтылган: «Эгер король дыйканга жакшылык ырайым кылып аны рыцарь кылса жана ошону менен бирге рыцардын кадыр – барктуу рыцардык укугун ага берсе анда муну менен ал мыйзамды бузат. А түгүл рыцарлыкка өзүн арнаган дыйкан дагы рыцарь боло албайт»

Рыцарлык наамга жетүү кыйын болгон жана сеньорго бир нече жыл кызмат кылуу талап кылынган. Рыцарлардын уулдары сеньордун сепил сарайында өзүнүн атасына үйрөнчүк болуп калган. Эркек балдар сеньорго жана анын аялына дасторкондо кызмат кылган, рыцарлык коомдо өзүн кандай алып жүрүштү үйрөнүшкөн. Көп убакыт согуштук даярданууга кеткен. Өспүрүм жаш жигит болгондо **курал көтөрүүчү** болгон. Курал көтөрүүчү сеньорго курал – жарагын, шайманын кийинүүгө жардам берген жана анын куралына, атына камкордук көргөн. Согуш убагында куралын берип турган, жарадарларга жардам берген.



Рыцарь өзүн курал көтөрүүчүсү менен



Рыцардык турнир

Алар көбүнчө өзүн жана өзүнүн сеньорун коргоо үчүн согушууга аргасыз болушкан. Согушта айрыкча өзгөчөлөнгөн курал көтөрүүчү түз эле рыцарь наамын алган. Адатта рыцарь наамын берүү салтанаттуу учуру көп жыл үйрөнгөндөн кийин болгон. Мындай маанилүү окуя көбүнчө диний чоң майрамдарга тушташ болгон. Наам бериле турган түнү болочок рыцарь – көпкө дуба кылып, чокунуп чиркөөдө өткөргөн. Чиркөөнүн төрүндө анын кылычы касиеттелчү. Жаш адам эртең менен сеньордун алдына келген жана ага берилгендиги жөнүндө ант берилген. Сеньор өзүнүн кылычын жалпагынан жаш жигиттин ийнине коюп, ага рыцарлык наам берген. Ушундан кийин жаңы рыцарга кылыч менен арчындама илгич кийгизген жана рыцарлык кызыл түстөгү курду курчаган. Акырында улгайган рыцарлар өзүнүн жаңы жолдошуна рыцарлык нарктын белгиси болгон алтын ат темингич кийгизген.

Рыцарлар укуктары мыйзам менен бекитилген согуштук катмарды түзүшкөн. Рыцардын башкы куралы кылыч болгон, бул жөн гана курал болбостон – анан символу, каармандыгынын жана ийгиликтеринин белгиси эле. Рыцардык войсканын башында король турган. Анын алдында графтардан, герцогдордон турган атактуу ак сөөк рыцарлар кеңеши иштеген. Анын ар биринин «туу» деп аталган өз эрки менен чогулган ополчениеси болгон. Ага – «найзалар» отряды көбүрөөк кирген. «Туу» 25–80 «найзадан», ал эми «найза» 4–10 жоокерден турган. Алардын арасында рыцарь болгон., калганы атчан жана жөө болуп рыцарга кызмат кылган. Рыцарлык войска бирдиктүү бүтүн катары согуша алган эмес. Рыцарларды жеке- жоокер катары даярдашкан. Согушта биринчи жалпы чабуулдан кийин рыцарлар чачылган жана ар бири өзүнчө алгылашкан. Рыцарлардын согуштагы рыцардык турнирге алып келген.

Өзүнүн билген жөндөмүн көрсөтүш үчүн рыцарлар **турнир** өткөрүшкөн, анда рыцарлардын эң кыйындары чогулган. Согушта куралды кандай чебер колдонорун, шамдагайлыгын, эпчилдигин, кайраттуулугун, эр жүрөктүүлүгүн, анан сөзсүз жолу ачыктыгын көрсөткөн. Акырындап рыцарлар жөнөкөй жоокер болуудан калып орто кылымдагы Европанын ак сөөктүк коомунун накта элитасы болуп калат.

Рыцарлар арасында билим, кооз сүйлөө жөндөмү жана ыр чыгарууну баалабагандыгын айта кетишибиз керек. Бул үчүн **трубадурлар** бар болгон- алар рыцарларды коштоп жүргөн эркин ырчылар жана алар жөнүндө көтөрмөлөгөн толук

коoз романтикалык поэмаларды чыгарган. Ошолордун ырларынын шарапаты менен рыцарлардын атак – даңкы өсүп, мындай эр жүрөк, баатыр жоокерлерге кошулууну каалоочулар өтө көп болгон.

## Тамплиерлер ордени жана Госпитальиерлер ордени

Рыцарлардын ордендери тарыхтагы кыйла кызыктуу көрүнүш. Бир жагынан алганда алар жөнүндөгү тарых романтизмге жана мистикага, ал эми башка жагынан ар кандай өзүм билемдикке жана варварчылыкка жык толгон. 1100-жылдан баштап 1300-жылга чейин Европада 12 рыцардык диний ордендер түзүлгөн, бирок үч орден кыйла көпкө жашаган жана белгилүү болгон. Бул **тамплиерлер** жана **госпитальирлер** одендери.

Тамплиерлер ордени расмий түрдө «Христостун (Исанын) жана Соломондун (Сулаймандын) жашыруун рыцарчылыгы» деп аталган. Рыцарлардын өздөрүн болсо храмчылар деп аташкан. Ордендин түзүлүшү Шампаниден чыккан Хуго де Пейнс башында турган тогуз француз рыцарлары тарабынан 1118–1119-жылдарда жарыяланган. Анын мүчөлөрүнүн максаты жортуулдар жөнүндө, ал эми өзгөчө зыяратчыларды сактоо жөнүндө кам көрүү болгон.





Тамплиерлер орденинин рыцарлары

Мындай жортуулдар «Кресттик» деп аталган. Кийин орден Улуу магистрге жана Рим папасына гана баш ийген өз алдынча күжүрмөн бирдик болуп калган.

Устав кандай гана болбосун динден тышкары ар кандай көңүл ачууларга тыюу салган. Рыцарлар үч касам ичүүгө - пакизалыкка, жакырчылыкка жана баш ийүүгө тийиш болгон. Ар бир рыцарга үч атка жана курал-жарак алып жүрүүчүгө уруксат берилген. Курал-жарактар, чопкуттар жана ооздуктар алтынга буулатылбай жана кымбат баалуулуктарсыз жасалган. Тамплиерлердин суулугу кызыл кресті бар ак жамынгыч болгон. Ак түс пакизалыкты, кызыл түс жабыр тартууну билдирген.

Өз ишинин башталышынан тартып эле тамплиерлер Европада кеңири белгилүү болгон. XII кылымга карата тамплиерлер болуп көрбөгөндөй байлыкка ээ болгон жана жер гана эмес верфтерге, портторго ээ болуп, кубаттуу флоту болгон. Алар жакырланган мамлекет башчыларына карызга акча берүү менен мамлекеттик иштерге да таасир көрсөтө алган. Андан калса бухгалтердик документтерди жана банктык чектерди дал тамплиерлер биринчи болуп киргизген.

Тамплиерлер ордени **Мальта ордени** катары кеңири белгилүү. Башында ал кечилдерди бириктирген, алар мында жоокерлер – рыцарлар да болуп саналган. Эң эски болуп саналган бул рыцарлар ордени 1113-жылы биринчи крест жортулуунун убагында негизделген. Ак сегиз учтуу крест ордендин мүчөлөрүнүн символу болуп саналат.

Адегенде ордендин негизги милдети ооруп калгандарды жана жараат алгандарды багуу болгон. Ал эми XII кылымдын ортосунан тартып дини башкалар менен согушуу жана зыяратчыларды кайтаруу рыцарлардын башкы милдети болгон. Тегине жараша рыцарлар толук укуктуу, баш ийүүчү, берилген жана жеңилдетилген рыцарларга бөлүнгөн. Орденде жогорку абалды ээлөө үчүн теги жакшы үй-бүлөдөн чыгышы зарыл болгон, бирок таланты жана тырышчаактыгы болсо рыцарь мансапка жете алмак.

# Самурайлар

Көптөгөн кылымдарда Япония европалыктар үчүн жабык болуп, бирок согуш ишинде кызыгуу менен байланыш түзгөн жана жетишкендиктерди өзүнө алган. 13-кылымдан тартып 15-кылымга чейин япон войскасынын негизин жоокер – самурайлар түзгөн. Самурайлар – европалыктардын көз алдына алардын элеси романтикага жык толгон япондук рыцарлар. «Самурай» түшүнүгү Ямато дооруна туура келген. Тайка реформаларынын мезгилине таандык «самурай» сөзүнүн өзү «кызмат кылуу» дегенди билдирген этиштен келип чыккан, аны «кызмат кылуучу» катары эркин которууга болот. Ошол убакта самурайлардын милдети согуштук кызмат менен чектелип калган эмес, анткени бул катмарда феодалга кызмат кылган толук жарандык кызматтар болгон. Самурай – узундугу 2 метрге жакын жаа жана эки кылыч менен куралданган атчан жоокер. Кыска кылыч катана, ал эми узуну вакидзаси деп аталган. Ошондой эле самурайлар соот-чопукуттары менен даңктуу болгон. Жоокерди толук соот жабдык чопкуту о-ёрой (чоң чопкут) деп аталган. Аны абройдун белгиси катары кийип жүрүшкөн. Бул чопкут баарынан мурда атчан жаачы катары ат үстүндө согушууга арналып, жаадан атканда ийин жапкыч атууга кедерги болбостон артка жылган, ал эми колдорду ылдый түшүргөндө кайрадан колду жабуу менен ылдый түшүп турган. Андан тышкары, төш чопкуту жаанын тарткычы сокмо ламеллярга (бөлүктөрүнүн ортосу боо менен бекемделген чопкуттун аталышы) чаташып калбашы үчүн арналган лакталган булгаары пластина менен төштү жаап турган.

Самурай уландардан кылыч жана найза менен согушуунун, жаа менен атуунун ыкмаларын эң мыкты билүү талап кылынып, алардан дзю-дзюцуну (согуштук чеберчилик) билүү, ээрге жакшы минүү, согуш жүргүзүүнүн тактикасын түшүнүү талап кылынган.15 жашта болочок самурайдын даярдыгы бүттү деп эсептелген. Ага согуш үчүн чыныгы кылычтар (дайсё-катана жана вакидзаси) берилип, ал алар



Акыркы самурайлар

менен өмүр өткөнчө ажырабоого милдеттүү болгон. Кыз кыска канжар кайкэн – аялдын самурай катмарына тиешелүү экендигинин белгисин алган.

Жаш самурай башка курактык топко өткөн – эрезеге жеткен болуп калган.

Самурай үчүн өмүрүн харакиринин (сепукка каадасын жасоо) жардамы менен кыюудан артык эч нерсе жок. Эгерде самурай ар намысынан айрылса же тутканга түшүүнүн алдында турса көп учурларда жашоодон мындай ыкма менен кетүү жападан жалгыз татыктуу болуп саналат. Харакиринин терең философиялык мааниси бар. Анткени, япондуктардын диний ишенимине ылайык адамдын жаны дал курсакта болот. Мындай каада аны эркиндикке чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Анын үстүнө харакири – кыйла оорuксунткан жол-жобо. Ал душмандарга өзүнүн эр жүрөктүүлүгүн жана өлүмгө кол шилтеп мамиле жасоону көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

# Осмон янычарлары


Улуу державалардын баарынын иш жүзүндө өз согуштук катмарлары, өзгөчө войскасы болгон. Осмон империясында алар янычарлар болгон. Түрк жоокерлери

өзгөчө даярдыктан өткөн эмес, кармаштарда алар уюшпаган түрдө согушкан жана алар атчан жоокерлер гана болгон.

Султан Мурат туткундардан - янычарлардан («жаңы войска») отряд түзүү чечимин кабыл алуу менен түрк армиясынын абалын кандайдыр бир оңдоону чечкен. Ошентип Осмон империясында янычарлар деп аталган жөө жоокерлер пайда болгон. Отрядга 12–16 жаштагы балдар дайыма кошулуп, аларды түрктөргө басып алынган христиан элдери барымтага берген. Янычарлар кадимки убакта согуштук сапаттарын төмөндөтүп жибербеши үчүн убактысынын баарын согуштук даярдыкка арнашы мүмкүн болгон янычарларды багууну мамлекет өзүнө алган. Андан тышкары, султандык бийлик жогорку бийликке гана берилген согуштук таянычка муктаж болгон. Жеңилгис янычар войскасы өзүнүн таш боордугу жана султанга берилгендиги, жоокерлер султан үчүн баарына даяр болушкан. Жаңы войска согуштук иштерде султандын таянычы болгон. Тынчтык убагында бул войсканын солдаттары түркиянын көчөлөрүндөгү тартипке көз салуу менен шаарларда полициянын кызматын аткарган.

Узак убакыт жаа янычарлардын башкы куралы болуп, аны өздөштүрүүдө алар зор өркүндөтүүгө жетишкен.. Янычарлар мыкты аткан жөө жоокер жаачыларынан болгон. Жаадан тышкары алардын куралдануусунда кылычтар жана ятагандар (чоң ийри түрк канжары) болгон. Кийинчерээк янычарлар ок атуучу курал менен куралданган. Натыйжада янычарлар адегенде оор куралдары жана соот -чопкуттары дээрлик жок жеңил жөө жоокерлер болгон. Олуттуу каршылаштар менен алар аңдар жана жеңил тоскоолдуктар – тегерете жүк ташуучу арабалар («табор») коюлган, корголгон бекемделген жерде коргоону согушун жүргүзүүнү артык көргөн. Мында өнүгүүнүн алгачкы мезгилинде тартиптин күчтүүлүгү, уюшкандык жана согуштук жаалы менен айырмаланган. Күчтүү позициясы бар янычарлар эң олуттуу душмандарга каршы турууга даяр болгон.

XVI кылымдын аягында XVII кылымдын башталышында янычарлардын ролу олуттуу өзгөрө баштаган. Алар аял алып, өздөрүнүн жеке чарбасына ээ болуп жана саясий турмушка катыша баштаган, бул ак сарайлардагы чагымчылдыкка жана жадагалса төңкөрүштөргө алып келген. Бара-бара янычарлар түрк тагынын башкы коргоочуларынан султан үчүн иш жүзүндөгү коркунучка айланган. Натыйжада 1826-жылы Махмуд II янычарлардын корпусун жойгон. Жүздөгөн жылдар бою түрк султанынын башкы таянычы болгон жоокерлер мына ошентип өзүнүн жашоосун токтоткон.



Осмон янычарлары

Өздөрүнүн каардуулугу жана султанга берилгендиги менен айырмаланган жоокерлер жеңилбес янычар войскасы бардыгына даяр болгон. Жаңы войска согуш иштеринде султандын таянычы болгон. Тынчтык убагында бул войсканын солдаттары түркиянын көчөлөрүндөгү тартипке көз салуу менен шаарларда полициянын кызматын аткарган.

# АРМИЯНЫ ОК АТУУЧУ КУРАЛДАР АЛМАШТЫРАТ

## Аткыч жоокерлер

Россиянын жөө войсканын тарыхы Киев орусунун княздык кошуундарынын убагында эле башталган. Жазайылдар-аткычтардан түздөн-түз мурдагылар болгон. Жазайылдар ок атуучу курал менен куралданган Орус мамлекетинин жөө войскасы. Алар 15-кылымдын акырында эле пайда болгон. Жазайылдардын согуштук аракеттерге катышуусу жөнүндө алгачкы эскерүү 1508-жылга – улуу князь аларды Литвага жөнөтүүгө буйрук берген кезге таандык. 1512-жылы Псковдон 1000 жазайылдар алынып, алар Смоленскке жортуулга катышкан. 1512-жылдан тартып жазайылдар чек араны коргоого катыша баштаган.1515-жылы жазайылдар боярлардын балдары жана казактар менен бирге биздин Азовдогу элчиликти кайтарган.

Войсканын убактылуу мүнөзү жазайылдардын негизги кемчилиги болгон – алар жортуулдардын убагында чогулган, андан кийин үйлөрүнө тарап кеткен. Өзүнүн эсебинен куралдануунун зарылдыгы дагы бир кемчилиги болгон. Ошондуктан алар Иван Грозныйдын убагында гана туруктуу войскага айланган. Кийин Грозный деп аталып калган биринчи орус падышасы Иван IV өзүнүн туруктуу орус жоокерин түзүүдө жана өнүктүрүүдө биринчи кезектеги роль ойногон «Өкүмүнүн» өзүн чыгарган.

15-кылымдын экинчи жарымынан тартып, орус жоокеринде кызматчы-двориндар пайда болгон. Аткычтардын алгачкы отряддары (3 миң адам) 1550-жылы па-



Аткычтар войскасын үйрөтүү

дыша Иван Грозный тарабынан түзүлгөн. Мындай отряддар айылдык жана шаардык калктан алынган. Андан ары алардын кызматы өмүр бою жана муундан-муунга өтүп калган. Аткычтар жалыйнаны акчалай, нан түрүндө, кээде жер берүү менен алган.

Аткычтардын штабы адегенде **Аткычтар үйү**, ал эми кийин **аткычтар буйругу** деп аталган. Аткычтар тандалгандарга жана көз салуучуларга бөлүнгөн. Тандалган аткычтар Кремлди кайтарып, караол кызматын аткарып, согуштук аракеттерге катышкан. Көз салуучу аткычтар гарнизондук жана чек аралык кызмат өтөп, жергиликтүү администрациянын тапшырмаларын аткарган. Тынчтык убагында кызматтан тышкары соода кылышы же кол өнөрчүлүгүн иштеши мүмкүн болгон. Аткычтар үчүн форма – узун этек кафтан, баш кийим жана булгаары өтүк киргизилген. Аткычтардын куралы эки миздүү жазы кылычтан жана айбалтадан (сабы узун балта) турган.

Он жетинчи кылымда аткычтар көптөгөн саясий процесстердин активдүү катышуучулары болгон, андайлар өлкөдө бир нече жолу болгон жана колуна курал алуу менен өкмөткө каршы чыккан. Изилдөөчүлөр мунун өзү Петр Биринчини аткыч войскасын жоюуга түрткү берген деп эсептейт.

## Ландскнехттер

XVII кылымда рыцарлардын доору бүтүп, анын ордуна туруктуу жоокерлердин доору келген. Войсконун бул түрүнөн башка түрүнө кескин өтүү жайма-жай өтүүгө мүмкүн эмес, аларды бириктирген тоого болууга тийиш. Ландскнехттер деп аталган жалдануучулар дал ошол тогоо болуп калган. Рыцардык кийим кийген жакырлар рыцарлардын катмарын толуктоо жана аларды алмаштыруу, ал эми андан кийин убактылуу жоокерлерди туруктуу войскага айландыруу үчүн келген.

Германияда аларды «ландскнехттер» деп атай башташкан, бул сөзмө сөз «жердин кулу» деп которулат. Ландскнехттерден алынгандардан турган отряд компания же рота деп аталып, алардын башында капитан турган. Ал мурдагы согуштарда айырмаланууга жетишкен карапайым адам, же жадагалса ландскнехттердин отрядын уюштуруу жана алардын тартиби үчүн жоопкерчиликти өзүнө алган рыцарь болушу мүмкүн эле. Бирок, тартиптин эң жогорку болбогонуна деңгээлин карабастан капитан солдаттарды катуу кармоого аракеттенген. Күнөө кылуу үчүн дене жазасы колдонулуп, ал эми ачыктан-ачык уят иш кылуу өлүмгө кепилдик берген.



Ландскнехттер

Ландскнехттердин бөлүкчөлөрү войсканын түрлөрү боюнча бөлүнүп, ошондуктан отряддын курамында жөө жоокерлер, аткычтар жана найзакерлер болгон. Демейки жөө жоокердин куралы кылыч, ийри кылыч ага кошумча бычак болгон. Аткычтар болсо аркебуза же тапанча менен куралданган. Кийинчерээк ок атуучу куралдардын технологиясы өнүккөн сайын демейки жөө жоокерлер да колун тапанча алган. Бирок мылтык бир гана адамга туура келген. Ал эми жыгач курал катары эски бычактар жана алебарддар пайдаланылган. Колдорду жана буттарды коргобогон, бирок тулкуну жана башты эң сонун коргогон толук эмес

сарт чопкуттар «Ландскнехттик чопкуттар» деп аталган. Мунун аркасында согушуп жатканда алар өтө шамдагай, бирок болуп көрбөгөндөй жармач болгон. Кызыл-тазыл кийимдер жана түстөрдүн кескин айкалышы - ландскнехттердин өзгөчө белгиси. Бир отряддын солдаттары бирдей түстөгү тасмалар менен курчанып, бул согушта өздөрүн жана душмандарын мыкты айырмалоого мүмкүнчүлүк берген. Бул тасмалар немисче «band» дегенден банддар деп аталып калган. Ландскнехттердин отряддарында «сарылардын бандасы», «кызылдардын бандасы» ж. у. с. деп да аташкан. Убакыт өткөн сайын Европада « банда» деген аныктама жалдангандардын жана тоноочулардын отрядын билгизе баштаган.



Ландскнехттер

Ландскнехттердин ири бандаларында отряддарга бөлүштүрүү болуп, алардын ар бири өз милдетин аткарган. Пикинерлер - чолок кылычтарды пайдаланган жана туулга менен чарайна коргогон солдаттар ландскнехттердин негизги көпчүлүгү. Алар алдыңкы отряддарды түзгөн жана отрядды атчан жоокерлерден коргогон. Соккучул отряддар - эки миздүү кылычтар же алебарддар менен куралданган жана жакшы корголгон сарбаздар. Алар чабуулга биринчи катарлардан чыгып, каршылаштарынын катарларына кирип барып, негизги күчтөр үчүн өткөөлдөрдү даярдаган. Аркебузирлер адегенде арбалеттерди пайдаланган, бирок кийин дээрлик толугу менен аркебузалар жана кацбальгерлер менен куралданган. Коргоочуларды дээрлик кийген эмес. Алар атышууларда, бекемделген жерлерде же отряддардын кагылышуусунун алдында зыян алып келген аткычтардын отряддары болгон.

Рыцардык атчан жоокерлер негизинен дээрлик аз сандагы «ак сөөк» катмардын өкүлдөрүнөн турган, ошондуктан бардык катмарлардан алынган ландскнехттердин жоокерлери сан жагынан рыцарлардын түзүлүштөрүнөн артыкчылык алган.

## Ханзаада Оранский

1584-жылы Кошмо провинциялардын башкаруучусу Вильгельм Оранский өлтүрүлгөн. 20 жылдан берки өз карандысыздыгы үчүн күрөшүп келген жаш республика жок болуунун кырында тургансып көрүнгөн. Голландия жана Зеландиянын штатгальтери (өлкөнүн башкаруучусу) кызмат ордун анын уулу Мориц мурастап калмак. Жаш уландын алдында өз өлкөсүн сактап калуу гана эмес жоокер ишинде чыныгы төңкөрүштү жасоо турган.

Мориц Оранский Диленбургдагы Нассауда 1567-жылы туулган. Бала кезинен эле ал акылдуулугу жана тартынбастыгы менен айырмаланган. Адегенде ал таякесинин тарбиясында болуп, андан кийин Гейдельбергде жана Лейден университетинде окуп, ал жерде тилдерди үйрөнүп, латын жана грек тилдерин өздөштүрүү менен байыркылардын Вегецийдин, Элиан Тактиктин согуштук осуяттары жана византиялык император Левдин эмгектери менен таанышкан. Университеттетте окууну атасынын

армиясында кызмат кылуу менен айкалыштырган. Вильгельмдин жалданма армиясынын бардык кемчиликтерин көрүп туруп, ал аны антикалык үлгүлөргө ылайык кайра түзүүнү көксөгөн жана аздан кийин ага мындай мүмкүнчүлүк туш келген.

Мориц бир тууганы Вильгельм Людовик менен бирге согуштук чеберчиликте чыныгы төңкөрүштү жасай алган. Өнөктүктөрдүн убагында гана чогултулуучу жалданма армиялар канчалык натыйжасыз экенин көрүп туруп Мориц туруктуу армияга өтүүнү чечкен. Мориц Оранский түзгөн жаңы армиянын борбордук идеясы тартип болгон. Согуш майданында ар бир солдат катардагы өз ордун билген, ошондуктан катарга турууга каршылаштарына караганда голландиялыктарга үч эсе аз убакыт кеткен. Солдат катары испандыктардын жекече артыкчылыгына карабастан тынбай үйрөнүүнүн аркасында голландиялыктар катарга турууда өз каршылаштарынан эки эсе озуп кеткен.

Мындай бардык кайра түзүүлөр нидерланддар армиясын бирдиктүү организм кылып, анда солдаттар өз офицерлерине ишене алган, ал эми офицерлер өз командачыларына ишенген. Күжүрмөн тартип кыйла майдаланып, роталар 400 дөн 100 адамга чейин азайтылып, ал эми полктор жүйүр төрт бурчтуктар түрүндө эмес, түз сызыктарга жана колонналарга тизилген – войска кыйла ийкемдүү жана бекем болуп калган. Мориц Оранскийдин дал өзү 18 кылымдын аягына чейин согуш майданында үстөмдүк кылып келген түз сызыктык тактиканын түзүүчүсү болуп саналат. Албетте, мындай армия мурдагы жалдануучулардын бандасына караганда салыштыргыс көп чыгымдарды талап кылган. Бирок, нидерландардын бай жана өнүккөн экономикасы бул чыгымдарга чыдаган, ал эми өкмөт армияга бөлүнүп берилүүчү субсидияларды дайым көбөйтүп келген. Натыйжа көпкө күтүлгөн эмес: бир нече өнөктүктөрдүн ичинде Мориц Оранский испандыктар басып алган шаарларды кайтарып алууга гана эмес (1590-жылдагы Бреданы алуу) чабуулга өтүүгө жана испандыктардын коргонуусуна сүңгүп кирүүгө жетишкен. Анын армиясынын солдаттары колдоруна керки жана күрөк алып, бул мурдагы доорлордогу армиялар үчүн угуп көрбөгөн окуя болгон жана эң кыска мөөнөттөрдө татаал жер иштерин (мисалы, жер астын казып баруу) жүргүзгөн. Бул штатгальтерге бүтүндөй бир испан сепилин алууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Замандаштары миң ниддерланд солдаты башкалардын үч миң солдаты төп келет деп айтышкан.



Мориц Оранский

Мориц Оранский 15 миңдик армиясы менен испандыктарды жеңе алган. Жаңы армия алгачкы жолу ачык майданда атактуу испаниялык жөө жоокерлерди талкалаган жана бардыгына таанылган. Мориц Оранскийдин чечкиндүү аракеттери жана анын алысты көрө билген саясаты 1509-жылы Испания менен тынчтык келишимин түзүлүшүнө алып келген, бул иш жүзүндө Нидерланддардын көз карандысыздыгын таанууну билдирген. Штатгальтер 1625-жылы Гаагада өлгөн.

# Петр I



Пётр I

Петр I бала кезинен эле согуштук ишке кызыккан. Анын атасы падыша Алексей Михайлович кан сарайында көңүл ачуу үчүн эки « тамаша» солдаттардын полкун күткөн.

Ал полктор менен Петр улан кезинде «согушуп» ойногон. Падыша болгондон кийин Петр жаңы армияны чогултуп, флотту түзүп, дворяндарды европалык кийим кийүүгө жана илимдерди өздөштүрүүгө мажбурлаган. Шведдер менен алгачкы согушуу Петр үчүн ийгиликсиз бүткөн. Шведдер менен Нарва сепили үчүн согушта шведдердин 15 миңдик армиясы 35 миңдик орус армиясын талкалаган жана бүткүл артиллериясын басып алган. Жаңы солдаттарды алуу керек болгон. Жөө жоокерлерге 50 -200 дыйкан жана шаардык түтүндөрдөн бирден адам алынган. Офицерлер дворяндардан болгон. Дворяндардын белгилүү теги эмес, жеке сапаттары эске алынган.

Жоокерлерге форма кийгизилген. Армиялык жөө жоокерлер кызыл жакалуу жана жеңдүү французздарча тигилген кочкул жашыл кафтан, кызыл түстөгү камзол кийген. Буттарына ак байпак же пантолон, башмак, ал эми жортуулдарда өтүк пайдаланылган. Баштарына түктүү үч бурчтук же булгаары каска кийген. Гренадер шапкалары ар кандай болгон. Гвардияда аларды алды жагында металл пластинасы бар булгаарыдан жасашкан. Кайрылган гренадердук армиялык шапкаларды түктүү кездемеден тигилген. 1715-жылдан тартып, армияны бир түрдүү куралдандырган. Армиялык жөө солдаттар полктору жети фузелёрдук жана бир гренадердук ротадан турган. Фузелёр жөө солдаттарга кремень милтеси жана штыгы бар мылтык (фузея) берген. Фузелёрлор патрон баштыгында кагаз гильзалуу 30 патронду көтөрүп жүргөн. Атаардын алдында солдат патрондун кагаз учун тиштеп ыргытып, мылтыктын найына анча-мынча дары салган, ал эми калган окту, дарыны жана кагазды (түтөтмө катары) шомпол менен найга түртүп киргизген. Жадагалса «Патронду тиштеп



Петр I реформасы: туруктуу армияны түзүү


ыргыт!» деген команда болгон. Эреже катары жүз кадам аралыктан атышкан.

Жөө жоокерлер койарга тизилгендер жана плутонгдор (взводдор) менен ок атышкан. Ок атууда арткы катардагыдан тышкары алгачкы үч катарга тизелеп турган.

Ал ок атууну биринчи баштаган. Андан кийин калган катардагылар ок атуу үчүн кезеги менен өйдө болгон. Чачылган катардагы согушта командасы жок эле атууга уруксаат берилген. Гренадерлор мылтыктан тышкары ийнине асынган баштыкта үчтөн граната алып жүргөн. Баштыкка «жарылып жаткан» гранаталар тартылган латунь эмблема тагылган. Гранаталар чептерге кол салууда жана аларды коргоодо пайдаланылган. Гранатаны тутандыруу үчүн түтөп турган милте алынып, аны түтүктө кармаган. Түтүктүн өзүн болсо гранаталык баштыктын асынуучу куруна байлашкан. Ошентип Петр орус армиясы күчтүү, жакшы куралданган жана европалык войскадан кем калбаган армия болушуна жетишкен.

Ал Балтика деңизине чыгууну жеңип алып, ал жердеги Нева дарыясынын деңизге куйган жеринде Санкт-Петербург порт шаарын курган.

Петр I күчтүү туруктуу армияны гана эмес, мурда Россияда болбогон кубаттуу согуштук деңиз флотун түзгөн. Анын падышалыгынын аягында туруктуу жөө войсканын саны 210 миңге жеткен.


Петр I балтикалык алгачкы «Полтава» линкору

# Тактиканын даанышманы


Солдаттар катмары 18 –кылымда пайда болгон. Крепостной дыйкандарды солдаттыкка алаган. Солдаттар үй-бүлөсүнүн балдарын 7 жаштан тартып согуштук мектептерге беришкен. Армияда солдаттарга аларды катарга турууга, куралды өздөштүрүүнүн ыкмаларына жана тартипке окутуу керек болгон. Карапайым көпчүлүк катары мамиле жасалган. Бирок бир адам солдаттарга башкача караган. Ал орустардын согуштук чеберчилигинин негиздөөчүлөрүнүн бири, чыгаан орус кол башчысы Алесандр Суворов болгон. Ал жакшы даярдалган жана мекенчил тарбияланган солдат армиянын ийгилигинин өбөлгөсү деп эсептеген.



Александр Суворов

Александр Суворов 1730-жылдын 13-ноябрында Москвада туулган. Балалыктын алгачкы жылдарын Александр Суворов үйүндө өткөрүп, ал жерден үй-бүлөлүк тарбияны жана билимди алган. Жаш улан тырышып, бирок белгилүү бир багытта окуган. Анткени, Александр Суворов генералдын уулу болуп согуштук чөйрөдө жашап, көбүнчө согуштук мазмундагы китептерди окуган жана согуштук мансапты көксөгөн. Бирок атасы Александр мындай ишке жарабайт, анткени бою кичине, алсыз жана арык деп эсептеген. Суворовдун атасы уулун жарандык кызматка жиберүүнү чечкен. Атасынын далалаты жаш уланды өтө капа кылган. Ал жоокер адамы болуунун каалаган жана өзүндөгү күчтү, чыдамкайлыкты өнүктүрүүгө, ден соолугун чыңдоого талыкпай умтулган. Бул үчүн Александр китеп окууну талаада ат чабуу менен айкалыштырган. Жаан, шамал, суук, бороон ал үчүн эч нерсеге татыган эмес. Ошондо атасы өз чечимин өзгөрткөн. 11 жаштагы бала Семенов полкуна катардагы катары жазылган. Солдаттык кызмат аны чыдамкайлыкка, тартипке жана тартынбастыкка үйрөткөн. Биринчи согушту ал «Жети жылдык согушта» көргөн. Андан ары ал Польшадагы согушка, Түркияга каршы согушка катышып, анда ал түрктөрдү бир катар олуттуу жеңилүүгө дуушар кылган. Ошондой эле Италия жортуулунда ал өз жоокерлерин Альпы аркылуу алып өткөн.

Суворов таланттуу стратег гана эмес, эч кимди алдына чыгарбаган тактик болгон. Маневрду кеңири колдонуу Суворовдун тактикасындагы кыйла маанилүү өзгөчөлүк болгон. Батыш европалык армиялардын сызыктык кужүрмөн тартиби согуш майданында маевр жасоонуну мүмкүнчүлүгүн болтурган эмес. Кужүрмөн тартиптин узун сызыгы тениз ачык жердеги кармашуу үчүн



Суворовдун Альпы аркылуу өтүүсү

талап кылынган, ал эми түнкү согуштарда алар таптакыр жараксыз болгон.

Ошондой болгондон кийин ал согуштук тартиптин бардык мурдагы түрлөрүн жокко чыгарган жана жаңыларды - роталык жана батальондук карени (коргонуу тизмеги) жана колланалар түрүндө киргизген. Ал аларды мыкты натыйжалар менен пайдаланган. Суворовдун тактикасында аракеттердин капыстыгы андан кем эмес мааниге ээ болгон. Билгичтик менен жашырынуу, түнкү марштар, чебер маневр жасоо менен каршылашын адашууга алып келүү жана ошону менен капыстыктын элементтин түзүүгө жетишүү Суворовдун баа берүүсүндө душмандын жеңилишине жетишилген.

Суворов войсканы тарбиялоонун жана окутуп үйрөтүүнүн алдыңкы тутумун түзүп, кол башчы солдат жеңиштин чечүүчү фактору болуп саналаарына ишенген. Суворов солдаттарды үйрөтө берүү максатсыз жана маанисиз деп эсептеген, солдаттарда да сыймыктануу жана ата мекенин сүйүү сезимин ойготууга, аларды согуштук ар кандай жагдайлардын шарттарында эр жүрөктүүлүккө, демилгечиликке жана айлакер аракеттерге үйрөтүүгө аракеттенген.

Согуштук окууларда Суворов кол астындагылардан милдеттерди даана түшүнүүнү талап кылган. Согуштук аракеттердин пландары жөнүндө унтер-офицерлерге жана солдаттарга билдирген, анткени «ар бир жоокер өз маневрун» түшүнүүгө тийиш болгон. Суворов марштарга, башкача айтканда войсканын жортуулдагы узак аракеттерин үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурган. Мындай марштар тездиги, көзгө көрүнбөстүгү жана жаалдуулугу менен айырмаланган. Солдаттар саздарды, токойлорду, тоолорду басып өтүп, каршылаштары алардан күтпөгөн жерде пайда болгон. Суворов дайыма жагдайга жараша аракеттенип, чабуулдун планын кыймылдын жүрүшүндө өзгөртүп турган. Ошондой эле ал солдаттардын тиричилигине жана күн сайынкы буюм-теримдерине, тамак-ашына жортуулда жылынуу үчүн отунга көп көңүл бурган. «Адамдарды сактабагандарга – офицерге камак, унтер офицерге жана ефрейторго таяк, андан калса өзүн сактабагандардын өзүнө таяк» – деп айткан Суворов. Кол башчы солдаттар жөнүндө чарчабастан кам көрүп, анын натыйжасында орус армиясында 18-кылымдын европалык армиялардын эң чоң каргашасы болгон ооругандар кескин кыскарган. Жүрүштүк турмуштун баарын солдаттар жана офицерлер менен тең бөлүшкөн Суворов орус армиясынын чексиз ишенимине жана жакшы көрүүсүнө ээ болгон жана дээрлик 50 жылдын ичинде үзгүлтүксүз согуштук ишинде жеңилүүнү билген эмес.

Суворовдун мекенчилдиги орус жоокеринин жогорку күжүрмөн согуштук рухуна жана жөндөмүнө, өз кол алдындагыларынын согуштук талантына терең ишенүүсүнө негизделген. Суворов түзгөн стратегия бүткүл дүйнөдөгү согуш жүргүзүүнүн стратегиясын жана тактикасын өзгөрткөн.

Аны жоокер ишиндеги эң мыкты деп эсептеп француз кол башчысы Наполеон Александр Суворовдун согуштук тактикасына жана ойлонусуна таңданган.

## Наполеондун феномени

Людовик XVI жакырланган дворян үй-бүлөлөрүнөн чыккан балдарга акысыз билим алууну берген кезде андан корсикалыктар да, анын ичинде Наполеонду кошуп алганда Карлонун бир нече уулдары жана кыздары пайдаланган. 1779-жылы Отен коллежинде француз тилин бир нече ай өздөштүргөндөн кийин Наполеон Бриенндеги согуштук академияга кирген. Жадагалса жакырданган аристократтардын арасында эң жакыр болгондуктан ага көп жолу тамакты же китепти сатып алууга тандоого туура келген. Наполеон китеп окууну аябай жакшы көргөн, китеп ага жолдоштордун жана жаштардын кечки оюн зоогунун ордун алмаштырган. Болуп көрбөгөндөй эс тутумга, болуп көрбөгөндөй чаалыкпастыкка, курч акылга, согуштук жана мам-




Наполеон Бонапарт

лекеттик даанышмандыкка, дипломаттын талантына, жагымдуулукка ээ болуу менен ал адамдарды оңой эле өзүнө тартып алган.

Адегенде ага деңиз кызматы жаккан, бирок андан кийин ал артиллерияга артыкчылык берген.1784-жылы Наполеонду Париждеги согуштук мектепке которушкан. Бонапарт өзүн орто окуучу катары көрсөткөн. Артиллериянын кенже лейтенантынын наамын алып Наполеон Франциянын түштүгүндөгү Валанска жиберилген.1789-жылы Наполеон орус армиясына кызмат кылууга кирүүгө аракеттенген.

Бирок бөлөк жердиктерди ченин төмөндөтүү менен кабыл алышкан, буга Наполеон макул болгон эмес. Анын согуштук жылдызы 1793-жылы англичандар басып алган Тулондун алдындагы салгылашууда жаркырап көрүнгөн. Наполеон артиллерияны пайдалануу менен чабуулду эң сонун пландаштырган жана шаарды басып алган. Бул үчүн ал бригадалык генерал наамын алган. Ошол учурда ал 24 жашта болгон. Наполеондун согуштук жана саясий мансабы өтө тез жогорулаган. Анын чабуул койгон жеңиштүү согуштары империянын аймагын кыйла кеңейткен. Наполеондун басып алууларынын аркасында Батыш жана Борбордук Европанын көпчүлүк мамлекеттери Францияга көз каранды болгон. Дүйнөлүк үстөмдүк Наполеонго чоң жана жакшы даярдалган армия камсыз кылууга тийиш болгон. Королдук, француздук армия « Улуу армия» деп аталган. Ал Европадагы саны эң көп - 180 миң солдаттан турган армия болгон. Ага союздаштарынын войскасын кошкондон кийин саны 300 миң адамга чейин көбөйгөн. 1912-жылы Россияга гана каршы 630 миң солдаттан кем эмес тартылган. Армия 7 согуштук корпустан – 4 – жөө жоокерлер дивизиясынан, жеңил кавалерия дивизиясынан, 40 артиллериялык куралдан, саперлордун бөлүкчөсүнөн жана ооруктук киреден турган. Маршаль же дивизиялык генерал корпустун командачысы болуп дайындалган. Корпустун саны 20 дан 70миң солдатка чейин өзгөрүшү мүмкүн болгон, бирок курам дайыма тең салмактуу бойдон калып, башкача айтканда асерлердин бардык түрлөрү – жөө жоокерлер, кавалерия, артиллерия жана камсыздоо кирген. Француздар болжол менен армиянын жарымын түзгөн, калган солдаттар союздук войскадан болгон.

Наполеон азыркы Италия флотунун түзүүчүсү деп эсептелет.1805-жылы ал Цизальпин Республикасынын ордуна Италия королдугунун аталышын жарыялап, өзүн болсо Италиянын королу деп атаган жана Италиянын жашыл- ак – кызыл желегин бекиткен.



# Бородино салгылашуусу



Михаил Кутузов

Дүйнөлүк үстөмдүккө умтулган жана көп сандаган жеңиштерге мас болгон Наполеон Россияны басып алууну чечкен. Ал Россияны эң күчтүү каршылаш деп эсептеген, ошондуктан аны менен согушууга жакшылап даярданган. Наполеон солдаттарга жана офицерлерге мүлктү өз баштыктарында алып жүрүүгө тыюу салып, армияны ыңгайлуу кароолу бар дээрлик атылбай калбаган жакшыртылган кулпулары бар кремень мылтыктары менен куралдандырылган. Кавалериялык бөлүктөргө атчан гренадерлорду киргизип, алар чаап бара жатып эки учу миздүү жазы оор кылыч менен согушкан жана түтөп турган гранаталарды ыргыткан. Ошондой эле артиллерияга зор көңүл бурулган. Талаа артиллериясын ондогон жана жүздөгөн оор куралдардан турган дивизиондорго жана батареяларга бириктирген. Каршылаштын коргонуусун бузуп өтүү үчүн артиллериядан жапырт аткылаган.

1805-жылы Аустерлицтин алдында француз жана союздук орус-австрия армияларынын ортосунда салгылашуу болгон. Наполеондун сан жагынан байкалгандай артыкчылыгы болгон, бирок аны коркутуп жибербөө үчүн каршылашы менен болжолдуу бирдей сандагы солдаттарды чыгарган.

Орус армиясын Кутузов жетектеп, ал Россиянын бул согушка катышуусуна каршы болгон. Бирок орус армиясынын башкы командачысы император Александр I француздар менен согушка токтоосуз кирүү үчүн чечкиндүү турган. Албетте, ал өзүнүн француз каршылашы сыяктуу чыгаан кол башчы болгон эмес жана австриялык генералдардын пикирине көп ишенген. Алар ага ылайык союздук жоокерлердин майданы создуктурулган болгондой так-

Бородино салгылашуусу. Фрагмент.





1812-жылдагы орус армиясынын солдаттары

тиканы сунуш кылышкан. Наполеон аны билип койгон жана эч кыйынчылыксыз эле жарып өткөн. Каршылашынын армиясын бөлүктөргө бөлүү, аларга биригип кетүүгө мүмкүнчүлүк бербөө үчүн мындайды тез жасоого аракеттенүү Наполеондун стратегиясындагы маанилүү учур болгон. Натыйжада орус армиясы Аустерлицтин алдында талкаланган, Кутузов жарадар болгон жана аз жерден туткунга түшпөй калган. Орустарга артка чегинүүгө туура келген. Наполеон негизинен Москвага кеткен жолдогу шаарларды биринин артынан бирин тез ээлеп алган. Дээрлик басып кирүүдөн тартып, французадар орус армиясын башкы салгылашууга тартууга аракеттенген. Бирок ар бир жолу орус армиясы андан качып кеткен.

Наполеон Смоленскини басып алгандан кийин башкы салгылашуудан качууга мүмкүн болбогондой көрүнгөн. Башкы командачы Барклай де Толли эми согуштан качууга аракеттенген эмес жана армиянын бардык кыймылдарынын максаты ушул мүнөттөн тартып согушуу үчүн ылайыктуу жерди табуу болгон. Ал башкы салгылашууну Царево Займищенин алдында жасоого аракеттенген. Бирок жаңы башкы командачы князь Кутузов келгенден кийин ыйгарым укуктарын ага өткөрүп берген. Кутузов французадарды өлкөнүн тереңине тартуу менен алардын күчүн солгундатуу үчүн чечкиндүү согуштан четтөөнүн пайдалуу экендигин түшүнгөн. Бирок баары бир согушка кирүүнү чечкен. Царево Займищенин жанында орун алууну Кутузов ыңгайсыз деп тапкан жана 22-августта войсканы Бородино айылын көздөй жылдырган. Төрт күндөн кийин Бородина салгылашуусу башталган. 12 саат бою замбиректер дүңгүрөп, жөө жоокерлер жана атчандар согушкан. Жоготууларга капаланган жана күчү кеткен франциялык армия өз күчтөрүн топтоодон чегинген.

Наполеондун бул жоготуунун ордун толтурууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес, анын үстүнө орустарга бардык тараптан бекемдөөгө шашылып келишкен.

Согушту бир сокку менен бүтүрүүнү көксөгөн Наполеон согуш эми гана башталганына жана орустар азыркыга чейин жү-



1812-жылдагы французармиясынын солдаттары

рөзаадалыктан эмес, билип туруп атайын артка чегингенине ынанган. Орустар ар бир кадамды канчалык чымырканып коргогондугу французадарга өздөрүн алдыда эмне күтүп тургандыгын көрсөткөн жана армияда демейде жеңилгенден кийин боло тургандай ындыны өчүүнү пайда кылган.

Тарыхта бир күндүк салгылашуулардын арасында эң кандуу деп эсептелет. Ар бир саатта 6 000 ге жакын адам талаада курман болгон же жаракат алган, француз армиясы өз курамынын 25 пайызына жакындан, орус армиясы 30 пайызга жакынынан ажыраган. Французадар тарабынан 60 миңге жакын, орус тарабынан 50 миңге жакын замбирек атуу болгон. Бородинонун алдындагы салгылашууну Наполеон өзүнүн эң улуу салгылашуусу деп атаган.

## Жапайы Батыш дүйнөсү

Америка. Жапайы Батыш. Ковбойлор. Индейлер. Акылсыз родео... Бири-бири менен ажырагыс байланышкан түшүнүктөр. Акылга сыйбаган укмуштуу окуялар, өздөрүн жана өз жакындарын эрдик менен коргогон романтикалык кейипкерлер, коркууну билбеген алтын издөөчүлөр, бандиттердин шерифтер менен каршылашуулары, индейлер менен согушуулар дайыма « Жапайы Батышты» эске салат. Бирок Жапайы Батыштагы чыныгы турмуш көпчүлүк ойлонгондой анчалык деле романтикалык болгон эмес. Мисалы, чыныгы кобвойлордун турмушу көбүнчө бир түрдүү, оор жана ыплас болгондугунун фактысын эле алып көрөлү.

Адегенде «Жапайы Батыш» түшүнүгү 19-кылымда көчүп келгендер өздөштүрө баштаган жаңы аймактарга тараган. Көпчүлүк адамдарды Американын эл көп жайгашкан чыгыш жээгинде жетишпеген жерге муктаждык ошол жакка түрткөн, башкаларды Колифорниядагы атактуу алтын кендери жөнүндө тарых азгырган. Бирок, күн астында жашоочу орун үчүн узак жана оор күрөшүүгө туура келген. Америкалык колониячылдардын турмушу коркунучка жык толгон.

Атуучу куралдын болгондугу күчтүн жана бийликтин символу болуп калган. Аялдар эркектер менен бирдей эле куралды колдонгон жана өздөрүн коргой алган. Коль-



Жапайы батышка көчүп келгендер

ту, винчестери, смит-вессону барлар жана аларды колдоно билгендер жеңип чыккан. Ошентип курал Американы басып кеткен.

1869-жылы Г. Смит жана Д. Вессон револьвердин ийгиликтүү моделин жараткан. Смит-Вессон револьверинде барабаны бар най шарнирде төмөн түшөт жана гильзанын баарын ошол замат сыртка чыгарып салган.


Кольт


Винчестер




Америка куралдын көпчүлүк түрлөрү үчүн ата мекен болуп калган. **С. Кольт** алгачкылардан атакка ээ болгон. Кольт конструктор болгон эмес, ал эми револьверди өзүнүн ойлоп чыгарганы үчүн жарыбаган сый акы алган Джон Пирсон жасаган. Кольттун өзү ишкер өнөр жайчы эле. Ал Американын дүкөндөрүн шаардын аты менен аталган «паттерсон» моделиндеги беш огу бар револьверлерге толтуруп салган. Кольттун револьверинин алгачкы модели. АКШ дагы жарандык согуштун убагында **Х. Спенсердин** винтовкасы өзгөчө белгилүү болгон. Спенсердин винтовкасы жөнөкөй жана ишенимдүү болгон. Ал жети патрон баткан түтүктүү магазини бар винтовка эле, ал эми магазиндин өзү винтовканынын жыгачына бекитилген. **Винчестер** да ошондой эле белгилүү болгон.

1847-жылдын үлгүсүндөгү рейнджерлердин капитаны С. Уолкердин атынан аталган алты октуу «уолкер» револьвери жана 1848-жылдагы «кольт драгуна» модели Кольттун алгачкы моделдеринен болгон.

Эки револьвердин өтө ири 44 калибри


Жапайы батышта

болгон. Кольтттун курал продукциясы өтө көп сатылган. Армиялык тетиктерден тышкары Кольттун фирмасы ошол эле конструкциядагы жарандык жана чөнтөк варианттарын чыгарган. Колдонууда иштебей калбоо, көп ок атуу, таамай тийүү Кольттун дары менен атылуучу револьверлерин Американын улуттук символуна айландырган.

Аризона штатындагы Тубстоун шаарчасы күмүш кенинде туйтунууну издеп бүткүл дүйнөдөн келгендердин орду болгон. Дал ошол шаарда жергиликтүү шерифтин командасы менен ковбойлор ар бир тараптан төрт адамдан атышкан Жапайы Батыштагы атактуу атышуусу болгон. Кармашуу болгону 30 секундга созулуп, бирок анын натыйжасында 3 бандит курман болгон жана шерифтин 3 жардамчысы жаракат алган.

## Жылма най сайлууга каршы

Армияларды жана флотторду сайлуу куралдар менен бардык жерде куралдандыруу 19-кылымдын 60-жылдарында жүзөгө ашырылган. Дал ошондо атуучу куралды өндүрүү алгачкы жолу колдун эмгегисиз жүргүзүлө баштаган.

Крым согушунда англиялыктар жана французадар сайы бар найлуу жаңы алыстан атуучу мылтыктар менен куралданган. Сайлуу мылтыктын атуу ылдамдыгы минутасына бир атуудан ашкан эмес. Бирок сайлуу куралдын огу жылма найлуу куралдыкына караганда ылдамдыгы менен айырмаланган. Анын огу чогуу тийип, бул өлтүрүү күчүн көбөйткөн. Мындай куралдын найынын учунда учуп бараткан ок чимирилип өз ылдамдыгын жоготпогон атайын сай болгон. Жоокер ишинде сайлуу курал 18-кылымдын башталышында бара-бара өздөштүрүлө баштаган. Армия үчүн штуцерлер деп аталган кыска мылтыктар даярдалган. Алардын найы октоого убакытты анча-мынча кыскартуу үчүн салыштырмалуу кыска болгон. Бирок согуштук аракеттерде 18-кылымдын акыркы чейрегине чейин штуцерлерди өтө сейрек колдонушкан.



Крым согушу

Бул сызыктык тактиканын үстөмдүгү менен байланышкан: тез атуу катарлардын же плутонгдордун ireттүү залпы менен камсыз кылынган.

Крым согушунда (1853–1856) 32 миң адам катышкан, бул англиялык армиянын дээрлик чейрегин түзгөн. Англиялыктардын 200 кемеси болуп, алардын жарымынан көбүнүн буу кыймылдаткычтары бар эле. Алар согушта бириккен жабык түзүлүштө тизилип аракеттенген. Французадар англиялыктардын союздаштары болгон. Французадардын 171 кемеси болуп, алардын көпчүлүгү буу кыймылдаткычтары менен жабдылган. Француз армиясынын үчтөн экисин сызыктык жана жеңил жөө жоокерлер түзгөн. Алардын ичинде өздөрүнүн ургаалдуу жана тез катарга тизилүү даярдыгы, ошондой эле демейдегиден тышкары ар башка түстөгү кийими менен айырмаланган африкалык зуавдардын (солдат) үч полку болгон.

Көзгө атаар аткычтардын - егерлердин айрым командалары европалык армияларда 18-кылымдын 50–60-жылдарнда пайда боло

баштаган. Егерлер чачкын катарларда же алдыдагы катарда аткычтар катары аракеттенген. Айкын буталарды (офицерлерди, артиллерия кызматкерлерин ж. ус) 500 метрге чейинки аралыкта таамай атуу алардын милдети болгон. Штуцерлердин штыктары канжар түрүндө болгон. Аларды кынга салып курга илип алып жүрүшкөн жана штык чабуулунун учурунда гана мылтыкка орноткон.18-кылымдын аягында 19-кылымдын башында наполеондук чачылма жана колоналык тактиканын таасири менен егердик батальондор менен полктор ал эми кийинчерээк корпустар түзүлө баштаган. Егерлердин баарынын эле сайлуу курал менен куралдандырылбагандыгы чындык. Демейде ал алдыңкы катардагы ротага 12 даана берилип, калган егерлер жылма сайлуу кыска мылтыктардан пайдаланган. Егерлер кайра тизилүүнү кыска жерге чуркоо менен жүргүзгөн жана жердин өгүл-дөңгүлүнө жашынууну билген.

Крым согушу европалык мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн, согуштук жана согуштук-деңиздик чеберчилигинин өнүгүшүнө түрткү болгон. Жылма найлуу куралдан сайлууга, жыгач жел кайык флоттон буу бүрккөн кемелерге өтүү, согуштук максаттарда телеграфты колдонуу башталган. Сайлуу курал атуунун алыстыгын жана таамайлыгын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген.

1856-жылы сайлуу мылтык винтовка деген расмий аталыш алган.

## Түстүү жоокер кийимдеринин тамам болушу

Согуштук форма коомдун катмарларга бөлүнүшүнөн тартып башталган. Байыркы убактарда ар бир эркек жоокер деп эсептелген жана ошондуктан ал согушууга милдеттүү болгон. Ал кезде белгилүү бир согуштук форма болгон эмес, ар бир эркек



1814–1850-ж. Франциянын, Германиянын жана Великобританиянын солдаттарынын мундирлери

согушка дайыма кийип жүргөн кийими менен чыккан. Бирок согушуп жатканда өз жоокерлерин каршылаштарынан айырмалоонуну зарылдыгы кийимдердеги айырмалуу белгилерин жасоого мажбурлаган.

Ошол кезде эле салгылашууга бир түстүү кийим кийүү же даана айырмалоо белгилери болууга аракеттенишкен. Кийин жоокерлерди да топторго бөлө баштап, бул кийимге да таасирин тийгизген. Жоокерлердин мындай түрлөрү өздөрүнүн «жеке» айырмалоо белгилерине ээ болгон. Мындай туура согуштук кийим кийүүнүн алгачкысын Спарта деп эсептөө кабыл алынган. Спарталыктар алардын кийими-нен кан өтө айырмаланып турбашы үчүн өз кийимдеринде негизинен кызыл түстү тандап алган. Орто кылымдарда бай барондордун жана алардын кызматчыларынын кийими асемдиги менен айырмаланып, ал алардын ортосунда атаандашуунун жүйөөсү болуп калган. Ошол кезде аларды кийип алып согушка чыккан согуштук жарактарды согуштук форма деп эсептөө керек.

Бирок 19-кылымдын башында гана бүткүл армияны же анын олуттуу бөлүгүн, негизинен жөө жоокерлерди дээрлик бирдей кийиндирүү жана полкторду баш кийимдериндеги жана топчуларындагы вензелдер боюнча айырмалоо каадасы белгиленген. Ар бир мамлекеттин өз жоокер-

леринин кийиминде башкы түсү болгон: Россияда жана Швецияда – кочкул жашыл, Пруссияда жана Герман мамлекеттеринин көпчүлүгүндө – көк, Австрияда – ак, Францияда жана Италияда көк, Баварияда жана Нидерланддарда – көгүш, Улуубританияда жана Данияда – кызыл.

Аскердик кийимдердин кыйла ачык түстөрү, оозу аркылуу октогон жылма найлуу мылтыкты алыска тийүүсү аз болгондуктан өзгөргөн эмес. Кийинчерээк ок атуучу куралдын натыйжалуулугу жогорулагандыктан жоокер кийимине таптакыр башка тараптан кароого мажбурлаган. Солдаттардын жер-жерлердеги кыймылы душман үчүн байкалбагандай болушу үчүн жоокер кийими түсү боюнча айлана-чөйрөдөгү ландшафтка төп келүүгө тийиш болгон. Корголуучу хаки түсүндөгү алгачкы жоокер кийими британиялык армияга киргизилген.20—кылымдын башында өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө согуштук кийим үчүн дээрлик бирдей кийимди тандап алышкан. Алсак, биринчи дүйнөлүк согуштун башталышында бардык армиялардагы түстүү жоокер кийимдерин корголуучуга алмаштырышкан. Бирок көпчүлүк учурларда гвардиялык жана кавалериялык бөлүктөр мурдагыдай эле асем жана кооздолгон кийимдерди кийишкен.

20-кылымда хаки түсүндөгү жоокер кийимдери дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн талаалык жана күнүмдүк, жадагалса параддык формасында пайдаланылган. Азыркы убакта хаки түсү бүткүл дүйнөдө армияларда жана күч түзүмдөрүндө мурдагыдай эле кеңири пайдаланылууда.



Россиялык армиянын байкалбас кийимдери жана куралдары

## Окоп согушу

Адамзаттын тарыхындагы ар бир кылым окуялар жана даталар менен айырмаланган.20-кылым мурдагы убакыттардын баарынан ашып түшкөн.1914-жылдын июнунда Сараеводогу ок атуу салгылашуулардын дүңгүрөгүнө айланып, көптөгөн каргашаларга жана биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына алып келген. Анын масштабы ушунчалык зор болгондуктан эч качан тынчтык келбөөчүдөй болуп көрүнгөн. Ал мезгилге карата адамзат куралдардын жана ок-дарылардын көп санын топтоп алган.

19-кылымдын башында көпчүлүк өлкөлөрдө бир катар согуштарда жана салгылашууларда колдонулган ар кандай түзүлүштөгү ок-дары ракеталары иштелип чыккан жана куралданууга кабыл алынган. Бирок илимдин жана техниканын өнүгүү деңгээлинин жетишсиз жогору эместигинен алар өркүндөтүлгөн эмес жана артиллериянын ок атуу кубатынын өскөндүгүнө байланыштуу өз маанисин жоготкон.19-кылымдын ортосунда армиялардын жана флоттордун куралдануусуна миналар, ал эми андан кийин торпедолор келип түшкөн.19-кылымдын 2 жарымында ок атуучу куралдын өнүгүшү жана өркүндөшү болгон. Ошол мезгилде түтүнсүз дарыны ойлоп табуу куралдын тез атуусун жана атуунун алыстыгын кескин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген. Тез атуучу артиллериялык куралдын түрү түзүлгөн (Барановскийдин 2,5 дюмдук орус замбиреги). Атуучу куралдын калибри азайып, магазиндик курал пайда болгон. Винтовка мындай куралдын мык-



Биринчи дүңнөлүк согушта окоптогу солдаттар

ты түрлөрүнүн бири болгон. Автоматтык куралды (автоматтык замбирек, пулемет ж. б.) жаратуу куралдын өнүгүшүндөгү андан кем эмес этап болуп, ал тез тараган жана согуштук аракетти жүргүзүүнүн ыкмаларына олуттуу таасир көрсөткөн.

Биринчи дүйнөлүк согушта куралдын жаңы түрлөрү пайда болгон жана эски түрлөрү өркүндөтүлгөн. Танктар жана учактар менен бирге авиациялык жана танктык пулеметтор, танктык замбиректер жана авиациялык бомбалар пайда болгон. Каршылыштын авиациясы менен күрөшүү үчүн зениттер пайда боло баштаган. Орустун учакка каршы замбиреги алгачкы зениттик куралдардын бири болгон. Адегенде танктарга каршы негизинен демейки снаряддары бар талаа артиллериясынын жеңил замбиректери пайдаланылган. Ар кайсы мамлекеттердин флотторунда кемелерге каршы тереңде жарылуучу бомбалар жана тереңде чөгүүчү артиллериялык снаряддар, деңиз авиациясында авиа бомбалар жана торпедолор пайдаланыла баштаган. Согуштун жүрүшүндө германиялык жоокерлер биринчилерден болуп пулеметторду жана химиялык куралды колдонгон. Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыктары таңдандырат. Ал 4 жылдан ашык созулуп (1918-жылдын 11-ноябрында аяктаган), ага 38 мамлекет катышып, анын талааларында 74 миллион адам согушуп, алардын ичинен 10 миллиону өлтүрүлгөн жана 20 миллиону мертинүү алган. Бул согуш эң кубаттуу европалык мамлекеттердин кыйрашына жана дүйнөдөгү жаңы саясий кырдаалдын түзүлүшүнө алып келген. Анын тажрыйбасы дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн армиялык түзүлүштөрүнө зор таасир көрсөткөн. Армияларда көнүмүш болгон согуштук бирикмелерден тышкары атайын бөлүктөр - авиация жана броне техника пайда болгон. Согуш жүргүзүүнүн тактикасы башкача болуп калган. Талаалардагы кармашуулар «окоп» согушуна орун бошоткон. Жаңы тез атуучу курал, мээлеп атуучу артиллерия солдаттарды жашынууга мажбурлаган. Траншеяларды, окопторду казып, бузулгус чыңдоолор жана коргонуу сызыктары салынып, аларда штабдар, байланыш ок дарылар жана азык –түлүктөр топтолгон. Техникалык прогресстин тездеши улам бардык жаңы ачылыштарды жана ойлоп табууларды согушка кызмат кылууга койгон. Ичинен күйүүчү кыймылдаткычы бар машиналар, авиация, ууландыруучу газдар, тикенек зымдар – мунун баары биринчи дүйнөлүк согуштун убагында согуштук колдонууга кирген жана эми согуштар мурда болгондорго аз окшошо тургандыгын биротоло белгилеген.

Немис окоптору мыкты курулган. Аларда керебеттер, эмеректер, шкафтар, электр фонарлары жана жадагалса эшик чырылдаткычтары болгон.

# Артиллерия

1914-жылы кийин аны «дивизиялык» деп атаган артиллерияга жеңил талаалык, атчандар жана тоолуктар кирген. Ал мындай талаа замбиректеринин жана тоо замбиректеринин 3 дюмдук, жеңилдетилген «атчан» вариантынан турган. Ал кезде натыйжалуу шрапнелдик ок атуу үчүн германиялык жөө жоокерлер орустун талаа замбирегин « ийри өлүм» деп атаган.

Бирок аздан соң каршылаш ачык мейкиндикте бири-бирине жакын туруп алып чабуулга чыкпай калган. Анын ордуна жердин ой-чуңкурларын активдүү пайдаланууга, жерге жашырынууга, тикенектүү тосмолорду пайдаланууга, чыңдоолорду куруугa пулеметтук точкаларды ээлеген жер боюнча чачырата жашырууга өткөн. Согуш коргонуучу болуп калган. Артиллериянын милдеттери барган сайын татаалдаган, анткени талаа артиллериясынын мындай коргонуусун бузууга күчү жетпей калган. Кубаттуу гаубица артиллериясына негизги көңүл бурула баштаган. Гаубица замбиреги 30 чакырымдан ашык аралыкка жогорудан түшкөн траектория боюнча аткан. Гаубицалар топурак жана бетон чыңдоолорду талкалай, темир жол станцияларын, штабдарын ата алган. Жарылуучу, ошондой эле чачыроочу, башкача айтканда абада жарылуучу жана жөө акерлерди жок кылуу үчүн арналган тоголок октор салынган снаряддар колдонула баштаган. Анан калса шрапнелдик атуунун алыстыгы 6800 метрди түзгөн. Бирок жадагалса мындай кубаттуу замбиректер салгылашуунун жыйынтыгын чече алган эмес. Франциялык Верден сепили үчүн согушуу дээрлик бир жыл болгон.32 жана 42 см калибрлүү мортирлерден атууларга карабастан чыңдоолорду талкалай алган эмес. Ошол кезде немистер дүйнөдөгү эң кубаттуу куралды – 42 см. калибрлүү жана 800 кг. калибрлүү «жоон Берта» камоочу мортирди жасаган.

Алгачкы согуштук дирижаблдердин жана эйропландардын пайда болушу зениттик жана бомба менен атуучу артиллериянын чыгышына алып келген. Учактар менен күрөшүү үчүн абадагы бутага тие турган куралдар жаралган. Бул үчүн замбиректин найын жогору - тике каратуу керек болгон. Зениттик замбиректин аталышы мына ушундан келип чыккан.



420 мм «Чоң Берта» мортири

Орто калибрлүү, 75–77 мм бардык зениттик алгачкы замбиректердин баары жеңил талаалык куралдардын патрону үчүн долбоорлонгон жана автомобилдерге орнотулган. Алар минутасына 20 атууга чейин жасап, шрапнель менен аткан. Зениттик замбирек дирижаблдерди баарынан жакшы жок кылган. Чакан бомба атуучу артиллерия жогорудан ылдый түшүү менен окоптогу каршылаштарга тийгизүү үчүн арналган. Аба обьекттерин атуу үчүн, ошондой эле зым тосмолорду бузуу үчүн Гартцтын 76 мм «алжапкычы бар шрапнели» кызмат кылган, бирок Розенбергдин «таякча» шрапнели - даяр өзөктүү чачырандылары бар снаряд кыйла натыйжалуу болгон. Снаряддар түрдүү калибрлерде болушкан. Алардын көпчүлүгү жарылуучу болуп, аларды миналар жана бомбалар деп атаган. «Миномет» жана «бомбомет» деген сөздөр ошондон чыккан.

Немистер Парижди салмагы 140 тонна замбиректерден аткылоону чечкен. Аткылоо 100 км ашык аралыктан жүргүзүлгөн. Снаряд Парижге чейин 3 минута учуп, мында аралыктын көпчүлүк бөлүгүн снаряд 40 км. бийиктиктеги стратосферада учуп өткөн.

# Танктар




«Марк-1» танкы

Биринчи дүйнөлүк согуш мурдагы согуштардын баарынан жаңы нерселердин – согуштук авиациянын, суу астында согушуунун химиялык куралдын жана албетте танктардын көптүгү менен айырмаланган, алар салгылашууну окоп согушунун туңгуюгунан алып чыккан. Эң алгачкы танк 1915-жылдын 9-сентябрында Улуубританияда жасалган. Адегенде аны «Литл Уилли», кийин жакшылап жасалгандан кийин «Марк -1» деп аташкан жана эки вариантта – пулеметтору жана замбиректик куралы менен жасашкан.1915-жылдын 15-сентябрында мындай түрдөгү танктар алгачкы жолу Франциядагы Соммедеги салгылашуунун убагында колдонулган. Марк 1 нин конструкциясы ойдогудай эмес экендигин танктарды алгачкы жолу согушта колдонуу көрсөткөн. Танктар сынып, оңой көзөлөнүп, жай жүргөн – бул кемчиликтердин баары зор жоготууларга алып келген.32 машинанын ичинен 17 си от албай койгон,5 сазга тыгылган, 9у жолдо сынып калган.



Рено ФТ-17 танкы

Натыйжада машинаны олуттуу өзгөртүү керек деп чечилген. Бирок буга карабастан психологиялык натыйжасы зор болгон – машинаны көргөн немистер психологиялык жактан таптакыр ындыны өчүп калган.

1917-жылы конструкцияланган «Шнейдер» жана «Сен-Шамон» француздук алгачкы танктардан болгон. Бул машиналардын бир катар кемчиликтери бар эле, бирок массалык колдонууда жетиштүү натыйжа берген. Кийин француздар Рено ФТ-17 танкын – анда замбирек же пулемет жайгаштырылган мунарасы тегеренме жеңил танкты иштеп чыккан. Анын өткөлдүгү жана маневрдуулугу жогору болгон. Аны иштеп чыгуунун идеясы жөө жоокерлерди коштоп жүрүү үчүн танктын түрү армияга өтө керек деп чечкен полковник Этьендин башына 1916-жылы келген. Натыйжада жапырт өндүрүү үчүн ойдогудай болгон арзан чакан машинаны жасоо чечилген. Мындай машиналарды күнүнө 20–30 дан чыгаруу пландаштырылган, бул франциялык армияны танктар менен толук камсыздандырууга мүмкүнчүлүк бермек. Жаңы машинаны иштеп чыгуунун үстүндө фабрикант конструктор Луи Рено иштеген. Жыйынтыгында 1917-жылы Рено ФТ-17 пайда болгон. Танкты башкарууга үйрөтүү үчүн офицерлердин алгачкы тобун автомобиль, кавлерия жана артиллерия бөлүктөрүнөн тандап алышкан. Рено ФТ-17нин айрым нускалары экинчи дүйнөлүк согушка чейин жетип, андан калса анын башталгыч этаптарында согуштук аракеттерге катышкан.

«Танк» деген аталыштын өзү англис тилинде «бак» же «цистерна» дегенди билдирет. Мындай таң калуучу аталышты танктар англиялыктар жаңы куралдын бар экендигин өтө бекем жашыргандыктан алган. Алгачкы танктарды майданга жөнөтүүдө британдык контрчалгын Россия ичүүчү суу үчүн Англияга цистерналардын бир тобун заказ кылды деген имишти таратып жиберген. Анан танктар темир жол менен цистерналар түрүндө жөнөтүлгөн.

# Кызыл армия

Россиядагы биринчи революциядан кийин падышалык армия жок болду. Аны жумушчу-дыйкан Кызыл армиясы алмаштырды. Армия толугу менен модернизацияланды. Жаңы жоокер түрлөрүн түзүштү, авиациялык жана танктык бөлүктөр түзүлдү. Кызыл Армия Улуу Ата мекендик согуш алдында абдан олуттуу катаал күчтү билдирген.

Негизги ставканы кубаттуу танктык жоокерлер берген. Советтик инженерлер танк курулушунун мындай шедеврлерин түзүүгө мүмкүн болду, ал Т-34 эле. Мындан тышкары, өндүрүшкө ИС-2, ошондой эле КВ-1 жана КВ -2 моделдери өндүрүшкө түшкөн. Бронетехниканын артиллериялык жана авиациялык колдоосу өзгөчө мааниге ээ болгон. Мындан тышкары, Кызыл армиянын негизги жоокер күчү жөө жоокерлер болгондуктан кол менен ок атуучу жана жардыруучу куралдарды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. СССРдин жөө жоокерлер бөлүктөрүнүн негизги атуучу куралы биринчи дүйнөлүк согуш учурунда 1930-жылдагы Мосин винтовкасы болгон. Анын базасында көзгө атаар винтовка жана 1938 жана 1944-жылдардагы үлгүдөгү карабин үлгүсүндөгү сериялар болгон. Согуштун башталышында Дегтярев кол пулемету Кызыл Армиянын куралдануусунда дээрлик 15 жыл колдонулду, жөө жоокерлер бөлүктөрүнүн негизги кол пулемету катары кызмат өтөгөн.

Согуш башталышы алдында Кызыл армиянын авиациясында ЯК-1, ЛаГГ -3 жана МиГ -3 учактары пайда болду, тилекке каршы аба паркынын негизги бөлүгүн истребителдик(кыруучу) И-16 түзгөн. Согуштун башталуу мезгилинде бомбардировкалоо авиациясында СБ жана ДБ-3 учактары пайдаланылган, ал эми абдан жалпы бомбардирчи Пе-2 болгон. Алыска бомбалоочу катары ошондой эле Ил-4 колдонулган, күжүрмөн учактардын жетишсиздик шартында жеңил түнкү бомбалоочу катары окууга У-2 учактары колдонулган. Тарыхта айрым маалыматтар боюнча эсептелген жалпы колдонуудагы учак деп советтик авиацияда кеңири штурмга алуучу Ил-2 учагы болгон.

Улуу Ата мекендик согуштун абдан кеңири таанылган залптык ок чыгаруучу реактивдүү система БМ-13, абдан таанымал болгон «Катюша» болгон. БМ-13 реактивдүү орнотмонун негизги өзгөчөлүгү – өндүрүштөгү чектүү болгон жөнөкөйлүгү, ошондой эле колдонуудагы ар бир «**Катюша**» ариллериялык маша менен жабдыланган. (БМ-13) машина экипажы 5–7 адамдан турган. М-13 реактивдүү снарядды эки бөлүктөн турган: күжүрмөн жана реактивдүү дары кыймылдаткычынан турган. М-13 снарядынын учуу алыстыгы 8470 м. жеткен.



ЗиЛ-151 Катюша.

# ЖЫЙЫРМА ЖЫЛДЫКТАН ЖЫЙЫРМА БИР ЖЫЛДЫККА

20-кылымда жаңы согуштар жана жаңы куралдар пайда боло баштады. Жоокер аракеттеринин масштабдары кеңири аймактарды кучагын камтыды. Армиялар миллион адамга чейин өстү. Техникалардын саны жүздөгөн санга жетти. Бүтүндөй өлкөлөрдүн масштабында стратегиялык пландоо кеңири мааниге ээ болду.. Авиация толугу менен кайра куралданды. Авиациялык техниканын өнүгүүсүнүн бардык көрсөткүчтөрү боюнча маанилүү өзгөрүүлөр болду. Мурункулардан өзүнүн кубаттуулугу боюнча артыкчылык кылган куралданууга жаңы моторлордун үлгүлөрү конструкцияланды жаңына кабыл алынды. Чалгынчыдан баштап оор түнкү бомба таштоочу чейин авиациянын бардык жаңы типтеринин түрлөрү конструкцияланды. Аба салгылашууларынынын максаттарына багытталган учактардын куралдары жакшырды. Чоң кубаттуулукка ээ болгон жана мыкты баллистикалык касиеттери бар бомбалардын жаңы үлгүлөрү түзүлгөн. Учактар жаңы жабдууларды алышты, атап айтканда өркүндөтүлгөн бутага алган бомба таштоолор жана мыкты фотографиялык аппараттар, радиоаппаратуралар жана түнкү учуулар үчүн приборлор.



F-117-Стелс америкалык көзгө көрүнбөгөн - самолет

Ракеталык-ядролук куралдардын пайда болушу менен согушту жүргүзүүнүн тактикасы өзгөрдү. Эгер ядролукка чейинки мезгилде башкы милдет душман армиясын жана флотун жок кылуу болсо, жаңы курал каршылаштын бүт өлкөсүн, тынч калкты кошкондо бутага алган жаңы курал болгон. Ракеталык-ядролук согушта жоокер аракеттеринин аренасы бүт планета болгон. Ядролук заряддардын мамлекеттердин арсеналында пайда болушу менен кадимки куралга болгон кызыкчылык төмөндөдү. Каршылаштын солдаттардын,



партизандын жана террористтердин психикасына таасир берген электомагниттик нурланткычтарды түзүштү. Бул нурлануудан кандайдыр-бир дубалга да жашынууга мүмкүн эмес. Анын атуу алыстыгы 400 км. Чагылгандуу булутка иод күмүшүн чачууну же булутка эң кичине металл ийнелерин таштоону адамдарды набыт кылуу үчүн тактикалык курал катары кызмат кылган чагылган разряддары деп атоого болот. Атмосферадагы макрофизикалык процесстерге мындай таасирди метеорологиялык (атмосфералык) курал деп аташат. Ошондой эле принципиалдуу жаңы физика-химиялык көрүнүштөргө негизделген экологиялык, генетикалык, инфраүндүк жана нур куралдары бар.

Жалпы жабыркатуучу куралдын ар бирин колдонуу адамзат үчүн күтүлбөгөн натыйжаларга алып келет, андыктан ири масштабдуу согуштарды мүмкүн эмес кылды. Бир катар мамлекеттер, саясий партиялар, коомдук уюмдар жана кыймылдар жалпы жабыркатуучу куралды жайылтуу жана колдонуу өндүрүшүн тыюу салуу үчүн активдүү кыймылды жайылтышты. Ушуга байланыштуу бир катар эл аралык келишимдер, конвенциялар жана макулдашуулар кабыл алынды. Алардын негизгилери төмөндөгүлөр болуп саналат: «Ядролук куралды сыноону тыюу жөнүндө келишим 1963», «Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишим 1968» ж. б.

## СОГУШТАН КИЙИНКИ ТЫНЧТЫК

Экинчи дүйнөлүк согуш дүйнөлүк аренадагы күчтөрдүн катышын кескин өзгөрттү. Согушка чейин улуу державаларга тийиштүү Германия, Италия, Япония согуштук кыйроодон кийин айрым бир убакытка көз каранды өлкөгө айланды, чет өлкөлүк жоокерлер тарабынан оккупацияланган. Алардын экономикасы солгундады. Убактылуу улуу держава статусун жоготту жана 1940-жылы Германия тарабынан Франция талкаланган жана төрт жыл аралыгында немецтик-фашисттик жоокерлердин оккупациясы алдында болгон. Улуубритания, улуу үч держава ичинен жеңүүчүнүн бири катары согушту аяктаган менен өзүнүн позициясын солгундатып алган. Ал эми АКШ дүйнөлүк аренада өзүнүн позициясын олуттуу чыңдап алды. Америкалыктардын армиясы дүйнөдөгү өзүнүн көп сандуу жана кубаттуу армия болуп чыкты. Башка дүйнөлүк саясатта таасирдүү күч болуп Советтер Союзу болду, ал согуштан кийин болуп көрбөгөндөй деңгээлде өстү.1949-жылы дүйнө өлкөлөрү эки карама -каршы согуштук блокко биригишти. Алардын бири НАТО блогу (түндүк атлантика келишиминин уюму) Европанын, АКШ жана Канада мамлекеттеринин 17 өлкөсүн топтоду. 1955-жылы НАТОго каршы европалык социалисттик мамлекеттердин согуштук союзу – Варшава келишиминин уюму түзүлдү, ага СССР, Албания, Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния жана Чехословакия кирди. Бириккен Улуттар Уюмун (БУУ) түзүү маанилүү окуя болуп калды, анын башкы милдети эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо, калктар жана мамлекеттер ортсунда кызматташтыкты өнүктүрүү болду.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки 60 жыл ичинде дүйнөлүк экономикада, саясатта жана эл аралык мамилелерде, бирок жоокер ишинде да олуттуу өзгөрүүлөр болду.. Согуштук чыр –чатактар негизинен согуштук обьекттерди бомбалар жана ракеталар так бомба таштоо аркылуу чечилген. Ушуга байланыштуу азыркы учурдун солдаты иш жүзүндө дене тарбиялык жактан даярдалган гана болбостон, ал– лазердик машага алуу, сүйлөшүү түзүлүштөрү, түнкү көрүү приборлору жана башка көптөгөн техника иштерин мыкты билүүгө тийиш.

Көпчүлүк жапырт куралдануулар мезгили өтүп кетти. Азыр чалгындоо маанилүү, ядролук куралдануу, жаңы жабдуулар жана ойлоно билген солдаттар зарыл.

250c